# Кыргыз жараны
# баалуулуктарын калк арасында калыптандырууга багытталган ишти уюштурууга арналган

# Усулдук колдонмо

*(Жарандык билим берүү борборлорунун координаторлору үчүн)*

Бишкек - 2025

**Мазмуну**

**Киришүү**.................................................................................................3

**1-бөлүм. Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгү жана коомдун социалдык биримдиги.**...........................................................................................5

1.1. Иденттүүлүктүн жалпы түшүнүгү жана анын түрлөрү. Жарандык иденттүүлүктүн маңызы. Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгү.....................................5

1.2. Кыргыз жаранынын баалуулуктары. ..................................................13

1.3. Көп түрдүүлүктү өнүктүрүү жана коомдун биримдиги..............................19

1.4. Мамлекеттик тилдин жарандарды бириктирүүдөгү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүүдөгү ролу...........................................................................25

1.5. Кыргыз Республикасынын мамлекетинин жана мамлекеттик башкаруусунун негиздери. Жарандардын укуктары жана милдеттери..........................................27

1.6. Кыргыз жараны жана шайлоо ..........................................................33

**2. Бөлүм. Калк менен Кыргыз Жараны жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча ишти уюштуруунун өзгөчөлүктөрү жана негизги ыкмалары.**.........................36

2.1. Чоңдордун муктаждыктарынын өзгөчөлүктөрү жана чоңдорду окутуу. ..................36

2.2. Калк арасында Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча маалымат берүү үчүн максаттуу топтор.....................................................38

2.3. Калк арасында Кыргыз жараны баалуулуктарын жана компетенцияларын калыптандыруу боюнча иштерди уюштуруунун негизги формалары жана ыкмалары. ..41

**Тиркемелер (төмөндө көрсөтүлгөн тиркемелер электрондук форматта даярдалып, кошо берилген USB топтогучта жайгаштырылган)**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
2. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн КОНЦЕПЦИЯСЫ
3. Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу.
4. Жарандык билим берүү борборлорунун базасында калк үчүн Кыргыз жараны баалуулуктарын калыптандыруу боюнча маалыматтык жолугушууларды өткөрүү сценарийлеринин мисалдары (1,5 – 2 саат).
5. Кейс талдоо.
6. Кыргыз жараны оюн-викторинасы.

# КИРИШҮҮ

Азыркы кезде Кыргыз Республикасында 2021–2026-жылдарга карата Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча Концепцияны ишке ашыруу активдүү жүрүп жатат. Бул Концепция Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы менен бекитилген. Концепцияда Кыргыз жараны деп өзүн таануу Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жана элдин биримдигин бекемдөөчү жарандык өзүн таануу катары каралат. Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык, региондук жана башка таандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны.



**“Кыргыз жараны” - өлкөнүн Кыргыз Республикасынын аталышынан келип чыгат жана Кыргызстан элинин биримдигин жана бирдиктүүлүгүн калыптандыруучу жалпы жарандык иденттүүлүк болуп эсептелет.**

Жарандык иденттүүлүк кандайдыр бир аймак же мамлекеттик чек аралар менен, же болбосо адамдын кайсы бир мамлекетке таандыгы менен чектелбейт, ал адамдын өзүн өлкөсүнүн ажырагыс бөлүгү катары сезип билүү муктаждыгы менен мүнөздөлөт жана өз өлкөсүнүн гүлдөп, өнүгүүсүнө активдүү катышуусу менен байланышкан. Жарандардын Кыргыз жараны деп өзүн өзү таануусу жарандык улуттун (Кыргыз эл) калыптануусуна негизги өбөлгө болуп саналат.  Өлкөнүн өнүгүүсү үчүн экономикалык ийгиликтер жана компетенттүү башкаруу менен катар ар бир инсандын өзүнүн жарандык идентүүлүгүнүн маанилүүлүгүн сезе билип, өз элин жана мамлекетин сүйүүсү жана сый-урмат көрсөтүүсү да абдан керек. Өнүккөн жана гүлдөп-өсүп жаткан мамлекетти калыптандыруу — бул Кыргыз жаранынын гана колунан келет.

Жарандык аң-сезимдин өнүгүшү — бул ар бир кыргызстандыктын өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий жашоосуна катышуусу үчүн бирдей шарттар менен мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, коомдогу көп түрдүүлүктү сактоо, тең укуктуулукту камсыздоо жана дискриминацияны жоюу аркылуу ишке ашат.



**Кыргыз жараны-бул ким? Бул - өзүн Кыргызстандын ажырагыс бир бөлүгү катары тааныган, өз укуктарын жана милдеттерин билген, жоопкерчилик алган, үй-бүлөсүнө, коомго, айланасындагы адамдарга жана өзүнө кам көрүүгө жөндөмдүү жана мекенин сүйгөн инсан.**

Ошондуктан, ар бир инсандын жарандык баалуулуктарын жана жарандык компетенцияларын калыптандыруу жалпы билим берүү системасынын, инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Үй-бүлө, билим берүү мекемелери, ар түрдүү коомчулуктар жана мамлекет арасында өз ара жана жалпы биргелешкен ишмердүүлүктүн маанисин жогорулатат.

*Кыргыз жаранынын баалуулуктарын* жалаң гана сабак өтүү же теориялык билим берүү аркылуу калыптандыруу мүмкүн эмес. Алар түшүнүү, берилгендик жана күнүмдүк жашоодо практикалык колдонуу аркылуу гана калыптанат. Тренер өзү ишенбеген жана күн сайын жашоосунда карманбаган нерсени башкаларга да калыптандыра албайт. Ошондуктан

баалуулуктарды калыптандыруу процессинде тренердин жеке позициясы жана анын үлгү болушу тарбиялык ишмердүүлүктүн негизги таянычы болуп саналат.

Бул Усулдук колдонмо — Жарандык билим берүү борборлорунун координаторлоруна кеңири коомдук топтор үчүн таанытуу тренингдерин өткөрүү учурунда Кыргыз жаранынын баалуулуктарын калк арасында калыптандыруу боюнча методикалык колдоо көрсөтүү максатында даярдалган.

Колдонмодо класстан тышкаркы тарбия иштерин уюштуруунун ар кандай формалары жана ыкмалары активдүү колдонулган. Ошондуктан Кыргыз жаранынын жарандык баалуулуктарын калыптандыруу багыты борборлордун бардык ишмердүүлүгүндө чагылдырылышы керек жана калк арасында жарандык баалуулуктар менен ишенимдерди калыптандырууга жана өнүктүрүүгө шыктандыруучу жагымдуу чөйрө түзүлүшү абдан маанилүү.



**Ар бирибиз өз үлгүбүз аркылуу жарандык баалуулуктарды калыптандырып, Кыргызстандын биримдигине жана гүлдөп-өнүгүшүнө өз салымыбызды кошобуз. Кыргыз жаранын өнүктүрүүдө ар бир кыргызстандыктын ролу маанилүү жана баа жеткис!**

Усулдук колдонмонун негизги максаты — тренер-координаторлорду керектүү маалыматтык жана методикалык материалдар менен камсыз кылуу жана калк арасында Кыргыз жаранынын жарандык иденттүүлүгүн жана жарандык баалуулуктарды калыптандырууга багытталган ишти эффективдүү уюштурууга жардам берүү болуп саналат. Колдонмодо сунушталган формалар жана усулдар тренерлердин жана окуучулардын чыгармачылык потенциалын чектебестен, тескерисинче, алардын өз демилгелерин жана жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга түрткү берет.

Усулдук колдонмо эки өз ара байланышкан бөлүмдөн турат:

1) Биринчи бөлүм — маалыматтык-мазмундук мүнөздө болуп, Кыргыз жараны Концепциясынын ар кандай маселелерин — *иденттүүлүк түшүнүгү, этностук жана жарандык иденттүүлүктүн айырмачылыктары, көп түрдүүлүктү сактоонун маанилүүлүгү*, *Кыргыз жараны ким экени жана анын негизги баалуулуктары сыяктуу түшүнүктөрдү* — координаторлордун өзү терең түшүнүшү үчүн зарыл болгон теориялык билимдерди камтыйт. Ошондой эле бул билимдердин негизинде окуучулар арасында маалыматты максаттуу түрдө жайылтуу иши жүргүзүлөт.
2) Экинчи бөлүм — методикалык мүнөздө болуп, калк менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү жана жарандык баалуулуктарды калыптандыруу үчүн социалдык топтор менен иштөөнүн формалары жана ыкмалары тууралуу маалымат берет жана ошондой эле бул ишти натыйжалуу уюштуруу боюнча сунуштарды камтыйт.

# 1-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮ ЖАНА КООМДУН СОЦИАЛДЫК БИРИМДИГИ.

## 1.1. Иденттүүлүктүн жалпы түшүнүгү жана анын түрлөрү. Жарандык иденттүүлүктүн маңызы. Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгү.

**Иденттүүлүктүн жалпы түшүнүгү.** Иденттүүлүк – бул адамдын инсандык өзүн-өзү аныктоосунун жана өзүн-өзү андоосунун негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуу менен бирге, өзгөрүп жаткан кырдаалдарда өзүн жоготпой сактап калууга жана ошондой эле, жеке өзүн жана айланасындагы чөйрөнү баалоого жардам берет. Иденттүүлүк — бул инсандын белгилүү бир топторго, ар кандай коомчулукка таандыгын билдирет. Мисалы, этностук топко, динге, партияга, регионго, коомдук абалга, кесипке, туугандык байланыштардагы ролго, гендердик топко, ж.б. Иденттүүлүк-бул биздин ким экендигибизди аныктап, биз өзүбүздү же айланабызда адамдар бизди кандай көрүп-баалайт экендигин айгинелеген, өтө татаал жана көп кырдуу система.

| **Иденттүүлүк төмөнкүлөрдү аныктайт:** |
|---|
| • мен башка адамдардай элемин, бирок, өзгөчөлүктөрүм да бар |
| • башкалар менен окшоштугум да, өзгөчөлүктөрүм да менин иденттүүлүгүмдү түзүшөт |
| • биздин иденттүүлүгүбүз башкаларга таасир этет жана алардан да таасир алат |
| • иденттүүлүгүбүздүн ар кайсы маселелеринин маанилүүлүгү түзүлгөн шартка жараша өзгөрүшү күтүлөт |

Ошондой эле, иденттүүлүк — адамдарды жамааттык аракеттерге үндөп, коомчулукту бир максатка мобилизациялоонун натыйжалуу механизми. Жөнөкөй тил менен айтканда, “Мен киммин?”, “Мен ким мененмин?” деген суроого жооп берет. Ар бир адам өзүн кайсы бир коомдук топко, тайпага, группага теңейт, жакындатат, ошол топтун мүчөсү, бир бөлүгү, элементи катары көргүсү, аныктагысы келет (1-сүрөт).

1-сүрөт. Мен киммин?





Ар бир адам өзүнүн иденттүүлүгүн ар кандай аныкташы мүмкүн. Мисалы: “*Мен – Асанов Марат, эркекмин, кыргызмын, мусулманмын, уулмун, доктурмун, шаардыкмын, Кыргызстандын жаранымын, ж.б.*” Бул иденттүүлүктүн баары маанилүү жана баалуу. Себеби, ар бирөөнүн негизи пайдубалы ар башка. Ошол негизге жараша адам өзүн ар кандай социалдык “ролдо” сезе берет. Бир жагдайда адам өзүн кыргыз сезсе, экинчиде врач катары, үчүнчүдө мусулман катары өзүн өзү аныктайт. *Иденттүүлүк деген ушул: өзүн өзү аныктоо!* Ар бир адам көптөгөн иденттүүлүктөрдү камтыйт.

Иденттүүлүктөр бири-бири менен окшоштуктар жана өзгөчөлүктөрдүн негизинде өз ара байланышта болуу аркылуу калыптанышат: мен башка адамдардай элемин, бирок, өзгөчөлүктөрүм да бар, ошондой эле, башкалар менен окшоштугум да, өзгөчөлүктөрүм да менин иденттүүлүгүмдү түзүшөт. Биздин иденттүүлүгүбүз башкаларга таасир этет, ошондой эле, алардан да таасир алат жана иденттүүлүгүбүздүн ар кайсы жактары түзүлгөн шартка жараша өз маанилүүлүгүн жана баалуулугун өзгөртүшү күтүлөт.



**Иденттүүлүк - адамдар ортосунда байланыштар аркылуу аныкталат: “өзүнчө эле арал катары болгон адам жок…” (Хемингуэй), анткени, аралдар да жер, суу менен байланышкан.**

2-сүрөт. Көп кырдуу иденттүүлүк




Көп кырдуу иденттүүлүк адамдардын окшош жактарына жана айырмачылыктарына жараша болуп, алардын тиги же бул топторго таандыктарын аныктайт. Бир эле этникалык топко таандык адамдар ар кандай кесиптин ээси болуп, ар түрдүү диний же аймактык топторго таандык болуулары мүмкүн. Ошондой эле, тескерисинче, ар түрдүү этникалык топторго таандык адамдар бирдей иденттүүлүктөрү болушу мүмкүн. (2-сүрөт).

**Көп кырдуу иденттүүлүк**
– бул адамдын бир эле учурда ар түрдүү топторго таандык болуусу менен бирге, анын жүрүш-турушундагы өзгөчөлүктөр ошол учурда ал таандык болгон топтордун кайсынысы маанилүүрөөк экендигине жараша өзгөрөрүн түшүнүүсү.

Көп кырдуу иденттүүлүк болгондугуна байланыштуу тең салмактуулук сакталат. Биздин иденттүүлүктөрүбүз ар дайым өзгөрүп турат. Эмне үчүн көп кырдуу иденттүүлүктү, көп кырдуу таандыкты кабыл алуубуз маанилүү? Себеби, көп кырдуу иденттүүлүктүн негизинде ар кандай карама-каршы муктаждыктардын тең салмактуулугу сакталат жана инсандын башка топтордун мүчөлөрү менен байланышы да түзүлөт.

Көп кырдуу иденттүүлүккө байланыштуу башкаларга толеранттуулук мамиле тарбияланат жана алар жөнүндө маалымдуулук жогорулайт, башкаларга ачык көз караш калыптанат. Көп кырдуу иденттүүлүк болгондуктан, белгилүү бир тең салмактуулук жаралып, айырмачылыктардын ортосундагы мүмкүн болгон карама-каршылыктар жумшартылат. Ошентип, көп түрдүүлүктүн жана көп кырдуу таандыктын болушун кубаттап, бекемдөө керек болгон ресурс катары кабыл алышыбыз керек. Көп кырдуу иденттүүлүк биздин адам катары негизги өз ара көз карандылыгыбызды билдирет.

Инсандын иденттүүлүгүн калыптандыруу процесси бир нече факторлордон түздөн-түз көз каранды:

1) табигый, же адамдын физикалык абалына же жашоо курагына жараша;
2) адамдын айлана-чөйрөсүнө жана коомдук чөйрөгө;
3) инсандын өзүн-өзү аңдоосуна.


### Иденттүүлүктүн негизги түрлөрү.

Иденттүүлүктүн мүнөзүнө жараша төмөнкү түрлөрү болот:

***1. Табигый иденттүүлүктөр*** - адамдын өзгөртө албаган өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу иденттүүлүктөр. Адам ал иденттүүлүктү өзгөртүшү мүмкүн эмес, же ал үчүн абдан кыйын болот. Табигый иденттүүлүктөр, мисалы, этникалык, расалык ж.б.

***2. Жасалма иденттүүлүк*** -түзүү жана колдоо үчүн социалдык институт же уюмдардын болуусун талап кылган иденттүүлүктөр. Жасалма иденттүүлүктөр, мисалы, кесиптик жана диний иденттүүлүктөр.

Иденттүүлүктүн негизги түрлөрүн карап өтөлү (3-сүрөт)




***Жаш курактык иденттүүлүк*** - бул инсандын өзүн белгилүү бир жаштагы (биологиялык жана психологиялык жактан) адамдардын тобу, мууну жана ошол жаш курактагы жана муундагы адамдар тууралуу өзүнүн түшүнүгү менен аныктоосу.

***Гендердик иденттүүлүк*** - гендерге карата өзүбүздү кантип аныктоого байланыштуу. Ал биздин биологиялык жынысыбызга дал келиши мүмкүн же андан айырмаланышы мүмкүн. Гендердик иденттүүлүк инсандын татаал жана индивидуалдуу жагы, гендердик көрүнүш жана гендердик ролдор сыяктуу маселелерди камтышы мүмкүн, алар маданияттар менен коомдордо ар кандай болушу мүмкүн.

***Диний иденттүүлүк*** - кайсы бир диний топко, конфессияга, ишенимге таандыгыбызга байланыштуу болот.

***Социалдык иденттүүлүк*** - биздин белгилүү бир социалдык топторго таандыктыгыбызга байланыштуу. Ал жынысы, жашы, социалдык классы, кесиби, дини жана этникалык таандыктыгы сыяктуу факторлорго негизделиши мүмкүн. Социалдык иденттүүлүк белгилүү бир топ менен байланышкан күтүүлөрдү жана ролдорду камтыйт жана биздин жүрүм-турумубузга, башка адамдар менен болгон мамилебизге күчтүү таасир этиши мүмкүн.

***Аймактык идентүүлүк*** - географиялык көрсөткүчтөргө карата кайсы бир топко таандыгыбызды, аймактык тиешелүүлүгүбүздү, ал жердин тарыхый жана маданий баалуулуктары менен байланышыбызды аныктоо: түштүк -түндүк, уруулук таандыктар ж.б.

***Кесиптик идентүүлүк*** - кайсы бир кесипке ээ болгондугуна байланыштуу социалдык топко таандыгын, экономикалык жана социалдык абалын, статусун аныктоо. Кесип менен болгон байланышы адамдын көнүмүш адаттарын, артыкчылыктуу баалуулуктарына таасир этет.

***Этникалык идентүүлүк*** - ар бир адамдын инсандыгын калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Ал жалпы маданий, тарыхый, тил же генетикалык өзгөчөлүктөргө негизделген, белгилүү бир этностук топко таандык болуу менен байланышкан.

***Жарандык идентүүлүк*** - инсандын кайсы бир мамлекеттин жараны катары идентүүлүгү. Жарандык идентүүлүк биздин сыймыктануубузга, атуулдугубузга, башка жарандар менен тилектештигибизге терең таасир берет.

## "Этникалык идентүүлүк"/ "этнос" жана "жарандык идентүүлүк"/ "улут" түшүнүктөрү. Жарандык идентүүлүктү калыптандыруу ыкмалары.

***Этникалык идентүүлүк*** – инсандын өзүнүн белгилүү бир этностук топко таандык экендигин аңдоосу. Этникалык идентүүлүк тил, идея, идеал, баалуулуктар, символдор, тарыхый тагдыр, менталитет жана башкалардан турган татаал система катары мүнөздөлөт. «Этникалык идентүүлүктө» этностун өзүн-өзү сактоо, өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн таануу тажрыйбасы сыяктуу түшүнүктөр жыйналган.[1]

«Этностук идентүүлүк»[2] — бул этностун өзүн сактап калуу, өзүн өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана өз ордун аныктоо боюнча тажрыйбасы менен байланышкан түшүнүктөрдүн жыйындысы. Этностук идентүүлүктө ар дайым "рухийлик" феномени болот, ал адамдын ички дүйнөсүн, белгилүү бир социалдык топтун, маданияттын жана диндин өкүлү катары анын ички жашоо процесстерин жана көрүнүштөрүн билдирет. Экинчиден, этникалык идентүүлүк биздин башка элдер жана маданияттын өкүлдөрү менен болгон жашообуздун маанилүү маселеси бойдон калууда. Бул биздин мамилебизди калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Биз өзүбүздүн этникалык өзгөчөлүктү таанып, бааласак, башкалардын да инсандыгын жакшыраак түшүнөбүз жана сыйлайбыз. Бул түрдүү этностордун ортосундагы толеранттуулукту, кызматташтыкты жана өз ара түшүнүшүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Айырмачылыктарды чыр-чатактын булагы катары көргөндүн ордуна, биз аларды адамзаттын маданий мурасын байытуу үчүн баалуу ресурс катары баалаганды үйрөнсөк жакшы болот.

Этностук идентүүлүк — бул *этноцентризмдин* туундусу. Этноцентризмдин оң жагы катары ал этностук топтордун бүтүндүгүн сактоого жардам берет. Бирок этноцентризм ошондой эле терс сезимдерди жаратат: өз этностук тобунун мүчөлөрүн башка этностордон жогору коюу, кош стандарттардын пайда болушу. Ар кандай этностун нормалары, баалуулуктары жана жүрүм-туруму өз этностук эталон менен салыштырылат. Этноцентризмдин терс жагында ресурстар, бийлик үчүн күрөшкө жол берилет. Көпчүлүктү түзгөн этнос ресурстарга (жерге, сууга, жумуш орундарга, акчага, абройго, бийликке) жетүү мүмкүнчүлүгүн көзөмөлдөп, башка топторду баш ийдирүүгө аракет кылышы мүмкүн.

[1] Исаев К. Постсоветтик Кыргызстандын тургундарынын өзгөчөлүгү // Социологиялык изилдөөлөр. - 2009. - № 5. S.91-94.https:// www.elibrary.ru/download/elibrary_12832089_32452981.pdf.

2 Дробижева Л. М. Идентичность и этнические установки русских в своей и иноэтнической среде. // ecsocman.hse.ru.

Күчтүүлөр алсыздарын үстөмдүк кылуу аркылуу ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгүн чектешет.

*Тил фактору* — бул бир этностук топтун өкүлдөрүн башка этностук топтун өкүлдөрүнөн бөлүп турган чек. Бирок бүгүнкү күндө бардык этностор өзүнүн түпкү этностук тилинде сүйлөбөйт. Көпчүлүк этностор азыр чоңураак жана кеңири колдонулган тилдерге өтүшкөн. Мисалы, ирландиялыктар 200 жылдан ашуун убакыттан бери англис тилинде сүйлөшөт. Бирок алар англичандар болуп калган жок. Ошол эле учурда араб тилинде сүйлөгөн ар кандай этностордун өзүнө гана таандык лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү бар. Кээде бир тилдин диалекттери анча айырмаланып кеткендиктен, бир диалектидеги адамдар башка диалектидеги адамдарды түшүнүүдө кыйналышат.

*Этностук иденттүүлүк* ар бир этностун жана этностук топтун өзүн өзү баалоосу жана аң-сезимин калыптандырууда чоң мааниге ээ. Адам кайсы бир этностук топко таандык экенин түшүнгөндө, өзүнүн тамырларына болгон таандыктыгын сезет. Ошондой эле ал жалпы баалуулуктарды, салттарды жана үрп-адаттарды бөлүшкөн чоң коомчулуктун бөлүгү экенин сезип, өзүнүн коомдогу ордун жакшыраак түшүнөт. Этностук иденттүүлүк адамдардын ортосундагы мамилелерди калыптандырууда маанилүү роль ойнойт. Биз өз этностук өзгөчөлүгүбүздү таанып, аны баалаганда, башкалардын этностук иденттүүлүгүн да урматтап, жакшыраак түшүнөбүз. Бул ар кандай этностук топтордун ортосунда сабырдуулуктун, кызматташуунун жана өз ара түшүнүшүүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ар түрдүүлүктү жаңжалдын булагы катары эмес, адамзаттын маданий мурасын байытуучу баалуу ресурс катары караганды үйрөнүү зарыл. Мисалы, Манас эпосу кыргыз элинин гана эмес, бүтүндөй адамзаттын маданий мурасы болуп саналат.

Ошол эле учурда этностук иденттүүлүк көйгөйлөрдүн жана жаңжалдардын булагы да болуп калышы мүмкүн. Тарыхый пикир келишпестиктер, улуттук жаңжалдар жана этникалык дискриминация коомдо социалдык чыңалууга алып келет. Этностор аралык мамилелердеги көйгөйлөрдүн себептери көбүнчө түшүнбөстүк, терс стереотиптер жана жек көрүү сезими менен байланышкан. Ошондуктан ар түрдүү этностук топтордун билим деңгээлин жана маалымдуулугун жогорулатуу аркылуу этностук жек көрүүнү азайтуу жана коомдо тынчтыкты бекемдөө зарыл.

Этностук өзгөчөлүккө байланышкан негизги көйгөйлөрдүн бири — бул этностук стереотиптердин жана улутчулдуктун өсүшү. Этностук иденттүүлүк айрым учурларда пикир келишпестиктерди жаратып, этностук жек көрүүнү, зордук-зомбулукту жана этностук экстремизмди күчөтүшү мүмкүн. Ошондуктан этностук өзгөчөлүктү инклюзивдүү түрдө түшүнүүнү калыптандыруу керек. Бул ар түрдүүлүктү эске алган жана ар кандай этностук топтордун айырмачылыктарын урматтаган, ошондой эле жалпы адамзаттык баалуулуктар менен жетишкендиктерге басым жасаган түшүнүк болушу керек.

Этникалык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүктүн ортосунда айырмачылыкты түшүнүү үчүн «этнос» жана «улут» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырманы тактоо керек. ***Этникалык топ*** – адамдардын социалдык-маданий жамааты, ал эми ***улут*** – мамлекет менен байланышкан коомдук-саясий жамаат. Улут – белгилүү бир аймакта жашаган, жалпы тарыхы, тили, экономикасы жана маданияты менен бириккен, өзүн-өзү башкарууга умтулган адамдардын тобу. Улутка болгон урмат ошол мамлекетте жашаган башка этносторго карата дискриминация аркылуу көрсөтүлбөшү керек.



**Этникалык иденттүүлүк биздин маданий жана социалдык маданиятыбыздын, мурасыбыздын, жалпы кызыкчылыктарыбыздын жана баалуулуктарыбыздын негизинде башкалар менен байланыш түзүүгө мүмкүндүк берет. Бул ар түрдүү маданияттарды жана салттарды изилдөө жана урматтоо мүмкүнчүлүгүн берүү менен биздин дүйнөлүк мурасыбыздын көп түрдүүлүгүнө жана байытылышына салым кошот. Ошодуктан этникалык айырмачылыктар урматталып, бааланган жана ар түрдүү этностор тынчтыкта жашай ала турган коом түзүүгө умтулуу өтө маанилүү.**

Жарандык улутту калыптандырууда колдонулуучу концептуалдык жолдор:

**1) «этникалык жол»** - мамлекет курууда төмөнкүлөр негиз катары колдонулат: бир тилдин, бир маданияттын жана бир топтун тарыхынын үстөмдүгү;

**2) «жарандык жол»** - адамдын өлкөнүн жарандуулугуна ээ болуусу негиз катары таанылып, этностук, диний жана маданий таандыгына карабастан, адам укуктарынын артыкчылыктуулугун жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жолу. Этникалык таандык тууралуу маалыматты паспорттордо көрсөтүлбөгөн практика-бул концептуалдык жолдун бир бөлүгү.

Жарандык иденттүүлүк элдердин этникалык өзгөчөлүктөрүн сактоого мүмкүнчүлүк берет. Жарандык иденттүүлүк жамааттык аң-сезимдин негизин түзүү менен бирге, өлкөнүн калкын жарандык улут катары бириктирип, мамлекеттин туруктуулугунун кепилдиги болуп саналат.



**Жарандык иденттүүлүк – бул инсандын белгилүү бир жарандык коомго таандык экенин аңдап-билүүсү, бул байланыштын баалуулугун түшүнүп, коомдо кабыл алынган жарандык жүрүм-турум моделин өздөштүрүүсү, жарандар ортосундагы мамилелердин өзгөчөлүгүн түшүнүүсү жана өз өлкөсүнүн гүлдөп-өнүгүшү үчүн ылайыктуу иш-аракеттерди жүргүзүүсү менен мүнөздөлгөн түшүнүк.**

Мамлекетсиз жарандар жок жана жарандары жок мамлекет болбойт. Азыркы учурда өз мамлекети жок көп сандуу элдер бар. Мисалы, дүйнөдө өз өлкөсү жок 40 млн. ашык адам бар. Ал эми Кыргызстанда 7 млн. эле калк жашаса да, өзүбүздүн эгемендүү, суверендүү мамлекетибиз бар. *Биз бул менен сыймыктанып, өз өлкөбүздү чын дилибиз менен сакташыбыз керек.* Ар бир жаран өз милдеттерин так аткарып, мамлекеттүүлүктү, эгемендүүлүктү жана суверендүүлүктү сактоого өз салымын кошуусу керек. *Жарандуулук* - бул адам менен мамлекеттин ортосудагы өз ара укуктарын, өз ара милдеттерин, өз ара жоопкерчиликтерин аныктаган укуктук байланыш.

## Кыргыз жараны деген ким?

*Кыргыз жараны* (Кыргыз Республикасынын жараны) – Кыргызстанда жашаган бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини болуп саналат. «Кыргыз жараны» деген термин кыргыз этносуна байланышкан эмес, ал өлкөнүн «Кыргыз Республикасы» деген аталышынан келип чыгат жана башкача айтканда, биздин мамлекетибиз

Конституцияда Кыргыз Республикасы деп аталгандыктан, «Кыргыз жараны» аталышынын мааниси "Кыргыз Республикасынын жараны" дегенди туюндурат. Бул — Кыргызстандагы ар бир этнос өздөрүнүн этномаданий таандыктыгын сактап, жана ошону менен бирге, мамлекетибизде жашаган бардык жарандар менен бирдикте бир эл, бир журт болуп ынтымакта жашоосу үчүн көрүлгөн аракеттер.

Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүгө ар бир Кыргыз жаранынын өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмушуна катышуусуна бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, коомдо көп түрдүүлүктү сактоо жана толеранттуулукту жогорулатуу жолу менен жетишебиз. Толеранттуулук жана көп түрдүүлүк деген баалуулуктар ар түрдүү социалдык топтордун жана этностук жамааттардын ортосунда активдүү кызматташууну, өнөктөштүктү жана биргелешкен ишмердүүлүктү талап кылат.

Демек, Кыргызстанда жашаган ар бир жарандын этностук, диний, социалдык, гендердик жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүсү — келечекте биздин өлкөбүздө Кыргыз эл — жарандык улутун калыптандыруунун зарыл шарты болуп саналат.

Аң-сезимдүү түшүнүү менен бирге, ар бир Кыргыз жараны - өзүн Кыргызстандын ажырагыс бир бөлүгү катары таанып, өз укуктарын жана милдеттерин билген, жоопкерчиликтүү, өз өлкөсүнүн тарыхын сыйлап, мекендештеринин ийгиликтери менен сыймыктанып, үй-бүлөсүнүн, коомдун, мамлекеттин намысын, кадыр-баркын коргой алган, айланасындагы адамдарга жана өзүнө кам көрүүгө жөндөмдүү жана өз өлкөсүн сүйгөн инсан болушу керек.

Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгү жарандык коомду өнүктүрүүдө жана жарандык жоопкерчиликти калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Адамдар өздөрүн коомдун бир бөлүгү катары аң-сезимдүү түрдө тааныганда, алар коомчулуктун жана өлкөнүн жашоосуна көбүрөөк тартылып, активдүү жарандыкка ээ болуп, өз өлкөсүндөгү оң өзгөрүүлөргө таасир эте башташат. Жарандык иденттүүлүк адамдарды өз коомчулугунун жана мамлекеттин жыргалчылыгына кам көрүүгө, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө катышууга, социалдык биримдикке жана теңчиликке көмөктөшүүгө шыктандырат.

Жарандык иденттүүлүк ыктыярдуу жеке тандоонун же коомдук келишимдин негизинде аныкталат. Адамдарды жаран катары бирдей саясий статусу, мыйзам алдында тең укуктуулугу, мамлекеттин жашоосуна катышууга болгон жеке каалоосу, жалпы баалуулуктарга берилгендиги жана жалпы жарандык маданият бириктирет. Ошол эле учурда конфессиялык, этномаданий, тилдик айырмачылыктар сакталат, бирок экинчи планга өтүп кетет. Жарандык иденттүүлүк — заманбап коомдордогу көп түрдүүлүктүн шартында биримдикти куруунун негизги фактору болуп саналат. Ал адамдарды жалпы жарандык, баалуулуктар жана нормалардын негизинде бириктирип, толеранттуу, гармониялуу жана гүлдөп-өнүккөн коомдун калыптанышына өбөлгө түзөт.

Ошентип, "*Мен-Кыргыз жаранымын*" дегенде адам эгемендүү мамлекеттин — Кыргыз Республикасынын жараны экендигин, жарандык бул адам үчүн маанилүү жана баалуу экендигин түшүнөбүз. Мамлекетке таандык болуу анын укуктарын жана милдеттерин аныктайт, жана ошондой эле, мыйзамдарды сактоо, тарыхты, маданиятты, мамлекеттик тилди таануу, көп түрдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүүнү урматтоо, мыкты салттарды колдоо, ошондой эле өз өлкөсү менен сыймыктануу болуп саналат.

Кыргыз жараны - бул этникалык, диний, аймактык, гендердик таандыгына карабай, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык бардык укуктары жана милдеттери бар өлкөнүн жараны.

**Негизги корутунду**:

Бардык адамдар бир эле учурда ар кандай социалдык топторго кирет: үй-бүлө, жумуш, окуу, хобби ж.б. Бирок биз үчүн кайсы жерде төрөлгөнүбүз, биздин Мекенибиз кайсы мамлекет экендиги абдан маанилүү. Бул бардык адамдар үчүн маанилүү жана алардын кайсы этностук топко жана маданиятка таандык экендигине көз каранды эмес.

Азыр жер шарында 5000дей эл бар, бирок мамлекеттердин саны жалпысынан 200 дөн ашпайт. Бул эмнени билдирет? Дүйнөнүн ар бир мамлекетинде ар кандай улуттун өкүлдөрү бар, алар ар улуттун өкүлдөрү болсо да, өз өлкөсүнүн патриоттору.

Кыргызстанда бир эле кыргыздар эмес, башка кыргызстандыктар да жашайт: орус-кыргызстандыктар, корей- кыргызстандыктар, өзбек- кыргызстандыктар, уйгур, немец, тажик, дунгандар, азербайжандар – алардын баары өздөрүн *кыргызстандыктар – Кыргызстандын жараны* деп эсептешет. Кайсы этноско таандык болбосун, алардын баары биздин өлкөбүздүн жарандары. Кимдир бирөө бир нече этностук көрсөткүчкө ээ болушу мүмкүн, эгерде анын ата-энеси жана чоң ата, чоң энеси ар башка этностун өкүлдөрү болсо жана бул адам үчүн алардын баары маанилүү. Кээ бирөөлөр үчүн этникалык иденттүүлүк чоң роль ойнобошу мүмкүн – алар үчүн, мисалы, алардын кесиптик иденттүүлүгү же үй-бүлөдөгү ролу маанилүүрөөк.

Бирок, бардык адамдар үчүн алардын жарандык иденттүүлүгү абдан маанилүү. Демек, ал адамдар үчүн өз Мекени - Кыргыз Республикасы маанилүү.

## 1.2. Кыргыз жаранынын баалуулуктары.

Баалуулуктар деген эмне? *Баалуулуктар* — жеке адамдын же бүтүндөй коомдун жашоосунда маанилүү, баалуу жана керектүү деп эсептеген нерселерди чагылдырат. Бул адеп-ахлак, этика, дин, коомдук нормалар же жеке ишенимдер менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Баалуулуктар Кыргыз жаранынын калыптанышында маанилүү ролду ойнойт, анткени алар коомдун мүчөлөрүн жетектеген негизги принциптерди, ишенимдерди жана идеалдарды аныктайт. Ошондой эле баалуулуктар "Кыргыз жараны" жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча иш-аракеттерди жана чечимдерди кабыл алууда багыт берүүчү компастын бир түрү катары кызмат кылат.




Баалуулуктарды ар кандай критерийлер боюнча классификациялоого болот.

Баалуулуктардын кээ бир түрлөрү:

*Материалдык баалуулуктар*: физикалык объекттер менен байланышкан жана акча, кыймылсыз мүлк, унаалар, зер буюмдар жана башка материалдык баалуулуктар сыяктуу экономикалык мааниге ээ.

*Материалдык эмес баалуулуктар*: абстракттуу идеяларды, принциптерди жана ишенимдерди билдирет: эркиндик, адилеттүүлүк, чынчылдык, адеп-ахлактык принциптер, рухийлик, сулуулук жана билим сыяктуу баалуулуктар кирет.

*Социалдык баалуулуктар*: коомдогу аракеттенүү жана өз ара мамилелер менен байланышкан баалуулуктар: урматтоо, сабырдуулук, теңдик, тилектештик, кызматташтык, жоопкерчилик жана жарандык сыяктуу баалуулуктарды камтыйт.

*Жеке баалуулуктар*: ар бир адамдын жеке ишенимдерине жана жашоодо кандайдыр бир нерсеге артыкчылык берүү иш аракетине байланыштуу. Алар жеке жыргалчылык, өзүн-өзү өнүктүрүү, көз карандысыздык, бакыт, ден соолук, жетишкендиктер, бейпилдик ж.б. сыяктуу баалуулуктарды камтыйт.

*Маданий баалуулуктар*: ар бир адамдын маданиятынын, тарыхынын, каада-салттарынын, дин жана үрп-адаттарынын негизинде калыптанган өзгөчө баалуулуктары болот. Бул үй-бүлөлүк байланыштар, улууларды урматтоо, коллективизм же индивидуализм, искусство жана билим берүү сыяктуу баалуулуктарды камтышы мүмкүн.

Баалуулуктар коомдогу талаш-тартыштардын жана чыр-чатактын предмети болуу менен бирге убакыттын өтүшү жана контексттин өзгөрүшү менен өзгөрүп туруусу мүмкүн. Ар бир адамдын өзүнүн ишенимдерин, принциптерин жана артыкчылыктарын чагылдырган ал үчүн маанилүү болгон баалуулуктардын уникалдуу комбинациясы болушу мүмкүн. Баалуулуктар коомду бириктирүүдө маанилүү роль ойнойт.


Баалуулуктар коомдун ичиндеги адамдарды байланыштырган жана таандык болуу сезимин жараткан жалпы максаттарды, нормаларды жана ишенимдерди калыптандыруу үчүн негиз катары кызмат кылат.

***Кыргыз жаранынын баалуулуктары*** – бул жарандын баалуулуктары, принциптеринин, ишенимдеринин жана идеалдарынын жыйындысы. Алардын жардамы менен коомдун мүчөлөрү же инсан өзү үй-бүлөгө, башка адамдарга, коомго жана мамлекетке болгон камкордукту, сүйүүнү калыптандыруу үчүн өздүк жарандык сапаттарынын маанисин жана маанилүүлүгүн аныктайт. Жарандуулук ар бир кыргызстандыктын маанилүү баалуулугу болуп калышын камсыздоо керек.

***Кыргыз жараны*** - жарандардын бир өлкөгө — Кыргыз Республикасына, ар кандай этностук топтордон турган бирдиктүү Кыргызстан элине таандык болуусу менен байланышкан жалпы максаттарды, нормаларды жана ишенимдерди бириктирген адамдардын коомчулугун жана коомдук биримдигин түзүүнүн негизи болуп саналат.

Албетте, Кыргыз Республикасында салттуу руханий жана адеп-ахлак нормалары катары сакталып, муундан-муунга өтүп келе жаткан баалуулуктар Кыргыз жараны баалуулуктарынын калыптанышына негиз болуп саналат.

**Жалпы адамдык баалуулуктар:**




Социологиялык изилдөөлөр кыргызстандыктар үчүн салттуу адамдык баалуулуктардын мааниси жогору экендигин көрсөтүүдө. Ошондой эле, Кыргыз Республикасында диний руханий баалуулуктардын активдүү өсүшү байкалууда. Мамлекетибиз светтик болуушу — мамлекетибиздин принциптеринин бири катары өлкөдөгү бардык диндердин тең укуктуулугун, динди тандоо эркиндигин жана мамлекеттик органдардын ишине диндин кийлигишпөөсүн камсыз кылууга жардам берет. Ошондуктан, Кыргыз жараны жарандык баалуулуктарын калыптандырууда эл арасында орун алып калган диний баалуулуктарды эске алуу жана аларды салттуу жана жарандык баалуулуктарга каршы койбостон, аларды граждандык баалуулуктарга интеграциялоо максатында, ортосунда акылга сыярлык тең салмактуулукту жана өз ара байланышты табууга үйрөнүү маанилүү.

7-сүрөт. Кыргыз жараны баалуулуктары



Салттуу баалуулуктардын, диний ишенимдердин жана жалпы жарандык иденттүүлүктүн идеяларынын ортосунда тыгыз байланыш бар (7-сүрөт).

Бул байланыш Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген.

**КРнын Конституциясы, 21-берене**

1. Мамлекет адам укугун жана эркиндигин кемсинтпеген наркты, үрп-адаттарды жана салттарды сактоо менен Кыргызстан элинин маданиятынын өнүгүүсүнө камкордук көрөт.

2. Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызааттоо – элдин ыйык салты.

3. Мамлекет Кыргызстан элинин тарыхый, материалдык жана руханий мурастарын коргойт.

4. Мамлекет этностор жана конфессиялар аралык ынтымакты камсыз кылат.

**Кыргыз жаранынын баалуулуктары:**

***КЖ баалуулуктары – коомдун салттуу жана заманбап баалуулуктарынан турган биримдик:***

- *Мекенге болгон сүйүү, өлкөгө таандык болгондугуна сыймыктануу;*
- *Мамлекеттик атрибуттарды жана символдорду сыйлоо;*
- *Үй-бүлө, коом жана мамлекет үчүн жоопкерчилик;*
- *Теңдик, көп түрдүүлүктү сыйлоо (этникалык, диний, маданий ж.б.) жана айкөлдүк;*

Азыркы Кыргыз Республикасынын аймагында ар түрдүү этностордун, диндердин жана маданияттын өкүлдөрү жашап келип, теңдиктин, көп түрдүүлүктү урматтоонун жана айкөлдүктүн баалуулугу табигый түрдө калыптанган. Азыркы учурда мамлекеттин туруктуулугун, биримдигин бекемдөө үчүн көп түрдүүлүктү сактоону колдоо маанилүү.

- *Өз ара жардамдашуу жана тилектештик;*
- *Жарандык активдүүлүк: өлкөнүн жана коомчулуктун саясий, экономикалык жана социалдык турмушуна катышуу;*
- *Жарандык укуктарын жана милдеттерин сактоо;*

Адам укуктары менен жарандык укуктар бири-бири менен тыгыз байланышта, адам укуктарынын бузулушу жарандык укуктарды жана милдеттерди аткаруу шыгын төмөндөтөт.

- *Биримдиктин жана өнүгүүнүн туруктуулугунун баалуулугу (социалдык, экономикалык жана экологиялык);*

Ар бир адам социалдашуунун, экономикалык активдүүлүктүн жана айлана-чөйрөгө гармониялуу мамиленин ортосундагы тең салмактуулукка жетишип, бүтүндүккө жана ырааттуулукка умтулушу керек.

Инсан бул системанын борборунда болуу менен өзүнүн жарандык позициясын жана ишмердүүлүгүн аң-сезимдүү көрсөтүү аркылуу өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө салым кошо алат.

Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүүдө жарандык компетенцияларды калыптандырууда төмөнкүлөрдүн **таасирин** эске алуу керек:

- Коом үчүн топтук таандыктын маанилүүлүгү – үй-бүлө, уруу, туугандар.

- Үй-бүлөлүк баалуулуктардын жана үй-бүлөлүк салттардын маанилүүлүгү: үй-бүлө негизги ролду ойнойт, ата-энени сыйлоо, жакындарын колдоо, үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрүнө кам көрүү жана үй-бүлөлүк салттарды колдоо жашоонун маанилүү маселелери бойдон калууда.
- Коомдо кабыл алынган моралдык нормалардын деңгээлинде жалпы позитивдүү баалуулуктардын таасири. Ал баалуулуктарга улууларды, салтты, тарыхты жана маданиятты сыйлоо, маданий мурастарды сактоо, салттуу экологиялык билим ж.б. кирет.

**8-сүрөт. Эл биримдигине таасир эткен факторлор**




Элдин биримдигинин өсүшүнө таасир этүүчү факторлорду түшүнүү жана колдонуу маанилүү (8-сүрөт).

Эгерде адамдар жалпы максаттарды көздөп, коомдун биримдигине салым кошкон жалпы идеалдарга ээ болушса, анда алар кызматташып, чогуу иштешип, максаттарын бирге ишке ашырышса болот.

Социалдык тилектештиктин, өз ара жардамдын жана колдоонун ар кандай формаларынын өнүгүшү адамдарды жалпы максатка жетүү же жалпы маселени чечүү үчүн биргелешип аракеттенүүгө алып келет.

Адилеттүү башкаруу жарандардын мамлекеттик институттарга болгон ишенимин бекемдейт, коомдун уюштурулушуна жана иштешине негиз болгон эрежелерди жана мыйзамдарды аныктайт, туруктуулукту жана натыйжалуулукту камсыз кылат.

Ар бир коом, инсан – көп кырдуу иденттүүлүктөрдөн турат. Жалпылыктарды табуу - адамдарда өстүрө турган негизги жөндөм болуп саналат. Адамдар айырмачылыктарды жана чыр-чатактарды жеңүү үчүн жалпы баалуулуктарды табышса, бул айырмачылыктарды жана талаштарды азайтууга жана ар кандай топтордун жана кызыкчылыктардын ортосунда көпүрө курууга жардам берет.

Жалпы иденттүүлүктү калыптандыруу коомдогу адамдардын ортосундагы байланышты бекемдейт. Жарандык иденттүүлүк коомдун биримдигин, жарандын өз мамлекетине болгон сүйүүсүн жана сыймыктануусун бекемдеп, мамлекет деген – ошол аң-сезимдүү

**Кыргызстанда Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүн түзүүгө эмне жардам берет?**

- Жалпы жарандардын биргелешип жашоо денгээлинде социалдык адилеттүүлүк, теңдик жана дискриминацияга жол бербөө.
- Кыргызстан элинин жалпы тарыхына жана маданий мурасына карата биргелешкен оң мамилени түзүү. этникалык топтордун муундан муунга өтүп келе жаткан салттуу баалуулуктары коомдун маданий мурасынын негизин түзөт. Алардын ичинде меймандостук, жаратылышты сүйүү, жалпы үрп-адаттарды, салттарды жана улууларды сыйлоо сыяктуу маселелер бар. Мындан тышкары, жалпы тарыхый окуяларды, мифтерди, адабиятты, искусствону жана маданиятты жөнгө салуу аркылуу адамдар өз мамлекетине таандык болуу сезимин чыңдап, жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыра алат.
- Салттуу социалдык нормаларды жана ролдорду демократиялык баалуулуктарга адаптациялоо. Салттуу баалуулуктар көбүнчө адамдардын коомдо өзүн кандай алып жүрүшү керектигин аныктаган социалдык нормаларга жана ролдорго негизделет. Бул нормалар жана баалуулуктар үй-бүлөлүк баалуулуктар, диний ишенимдер, муундар ортосундагы мамилелер, эмгекке болгон мамиле сыяктуу маселелерди камтыйт. Эл коомдук пикирди кабыл алса, ал коомду биригүүгө, позитивдүү аң-сезимдин калыптанышына алып келет.
- Жалпы жарандык баалуулуктарды калыптандыруунун негизи болгон адеп-ахлактык баалуулуктардын жалпылыгы. Бул тажрыйбаны кабыл алуу адамдарды бириктирип, коомдук ынтымакты бекемдей алат.
- Горизонталдык (жарандардын ортосундагы) жана вертикалдык деңгээлдеги (жарандар жана бийлик органдары ортосундагы) социалдык биримдик.
- Тил жана баарлашуу: тил — жарандык иденттүүлүктүн негизги элементтеринин бири болуп саналат. Мамлекеттик тил жана баарлашуу жарандык иденттүүлүккө күчтүү таасир этет. Мамлекеттик тил коомдогу биримдикти жана ынтымакты бекемдеп, адамдардын бири-бири менен эркин баарлашуусуна, өз ара аракеттенүүсүнө шарт түзөт.

Кыргыз жаранынын калыптанышы - бул жарандар менен мамлекеттин ортосундагы өз ара байланган мамилелердин системалык процесси жана бир эле учурда үч багытта иштерди камтыйт:

1) Жеке инсандын деңгээлинде - үй-бүлө, мектеп, коомчулук жана мамлекеттик институттар аркылуу жарандык баалуулуктарды жана берилгендикти, өз мамлекетине болгон сүйүүсүн калыптандыруу.

2) Коомдун деңгээлинде - КРнын элинин социалдык биримдигин жана бирдиктүүлүгүн калыптандыруу.

3) Мамлекеттик деңгээлде – Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүн жана Кыргыз Эли жарандык улутун калыптандыруу. “Өлкөнүн келечегинин элесин” түзүү жана көрсөтүү - өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн бардык кыргызстандыктарды бириктирген интеграциялык жана шыктандыруучу ой катары кызмат кылат.

**“Мекеним менден башталат” – окуучулар арасында жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы башкы, унгу ой!**

Бул уңгу ой башка да багыттарда ылайыкташтырылышы мүмкүн:

- Мекеним менден башталат!
- Тазалык менден башталат!
- Ден-соолук менден башталат!
- Тартип менден башталат!
- Жоопкерчилик менден башталат!

Бул уңгу ойдун маңызы мындай: Адам баласы айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдүн булагы жана кыймылдаткычы болобу же жокпу, ал адамдын өзүнө көз каранды, ошондуктан, адам өзүнүн баалуулуктары жана ишенимдери менен борбордук фигура болуп саналат. Эгерде, ар бир адамда мекеним менден башталат деген ишеним болсо, анда ал адам өз мекени үчүн жоопкерчиликти сезип, өлкөнүн гүлдөп-өнүгүүсүнө багытталган аракеттерди кылууга шыктанат. Ар бир жаран өз үй-бүлөсүндө, коомчулугунда жана мамлекетинде бакыттын жана сүйүүнүн куруучусу экенине ишенет.

Демек, Кыргызстандын жарандык иденттүүлүгү – бул Кыргызстанда жашаган ар бир адамдын мамлекетибиздин өнүгүүсү жана гүлдөшүндө, жалпы бакубатчылыкка жетүү жолунда жигердүү аракеттенип, өз салымын кошууга сыймыктануу сезими



**Кыргыз жараны баалуулуктары – бул Ата-Мекенди сүйүү жана Ата Мекен менен сыймыктануу. Кыргызстан ар бир өз жаранынын жүрөгүндө!**

## 1.3. Көп түрдүүлүктү өнүктүрүү жана коомдун биримдиги.



Кыргыз Республикасы этникалык, диний, маданий, тилдик жана башка көп түрдүүлүктүн өлкөсү. Кыргызстанда 100дөн ашык түрдүү этностор жана этникалык топтор жашайт. Аларды Кыргыз Республикасынын жарандыгы бириктирип турат жана алар дайыма биргелешип, чогуу жашап, Кыргызстанды өз үйү деп санашат. Жергиликтүү жамаат да көп түрдүүлүктүн объектиси болуп саналат, анткени анын курамында ар кандай этникалык, диний, курактык, тилдик, маданий таандыктыгы бар, ар түрдүү көз караштарга жана ишенимдерге ээ адамдар жашашат.

***Эмне үчүн көп түрдүүлүктү сакташыбыз керек***?

- Биз көп түрдүүлүктү өнүгүүнүн булагы катары карап, көп түрдүүлүктү сактоонун маанилүүлүгүн жана пайдасын түшүнүп, көрө билишибиз керек.
- Көп түрдүүлүк маселелерин түшүнүү коомдогу айырмачылыктарга жана келишпестиктерге сезимталдык жана чыдамкайлык менен мамиле кылууга жардам берет.
- Көп түрдүүлүк бир жагынан биз жашап жаткан коомдо мыйзам ченемдүү болсо, экинчи жагынан, баалуулуктар аркылуу адамдардын өз ара биргелешип жашоо аракеттенүүсүн камсыз кылган, коомду колдоочу жана өнүктүрүүчү маданияттардын ажырагыс биримдигин түзгөн универсалдуу бүтүндүк экенин толук түшүнүп, туюшубуз керек. Айырмачылыктарды эмес, жалпылыктарды көрө билүү, ынтымакты, бүтүндүктү жарата билүү керек.
- Көп түрдүүлүк өлкөнүн экономикалык өсүшүнө салым кошот. Көп түрдүүлүк коомчулуктарга жандуулукту жана мобилдүүлүктү алып келет, жашоо көп кырдуу жана кызыктуу болот, айырмачылыктар бири-бирин толуктап, бүтүндүктү жаратат.



**Жаштарга көп түрдүү коомдо жашоо маданиятын тарбиялоо маанилүү. Көп түрдүүлүктү сактоонун негизги шарты – калыстыкты, теңчиликти жана дискриминацияга жол бербөөнү камсыздоо.**

**Көп түрдүүлүк** бизди окшоштуруп да, айырмалап да ала турган белги жана биздин иденттүүлүгүбүздүн негизи. Ооба, баарыбыз адамбыз, жана адам катары өзүбүздүн жалпылыгыбызды, иденттүүлүгүбүздү аныктайбыз. Бирок, адамдар ортосунда көптөгөн айырмачылыктар бар. Көп түрдүүлүк адамдардын ортосундагы болгон ошол айырмачылыктарды көрсөтөт: сырткы түспөлү, өңү, жынысы, билими, дини, этносу, ишенимдери, баалуулуктары жана башка. Окшош адамдардын ортосунда да айырмачылыктар бар. Айырмачылыктар өтө маанилүү, себеби, ортодо мамилелерди, байланыштарды түзүүгө, биргелешип жашоого таасир тийгизет. Адамдардын ортосунда айырмачылыктар менен бирге көптөгөн жалпы жактары да бар, алар бир өлкөдө жашагандыгына, социалдык топторго таандык болгондоруна, биргелешип мекемелерде эмгектенгендерине жараша болот.

Көп түрдүүлүктүн бардык маселелери олуттуу, бирок биздин өлкө үчүн **этностук, маданий, диний** көп түрдүүлүк бөтөнчө мааниге ээ. Алар коом үчүн негизги баалуулуктар, жана ал өзүнө оң да, терс да мүмкүнчүлүктөрдү камтыйт, ошондуктан ал маселелерди туура түшүнүү керек. Көп түрдүүлүк өлкөнүн экономикалык өсүшүнө шарт түзүп бере алат. "Ынтымак бар жерде ырыс бар" дегендей, коомдогу ар түрдүү адамдардын ортосунда ынтымак өкүм сүрсө, өнүгүү жолунда ийгиликтер жаралат.

**Көп түрдүүлүктүн базиси**

**1.** Көп түрдүүлүк – бул бизди окшоштурган жана айырмалаган бардык көрсөткүчтөр, алар бизди бирдейлигибизди же ар түрдүүлүгүбүздү айгинелейт. (окшоштугубуз жана айырмаларыбыз да биздин иденттүүлүгүбүзгө кирет).

**2**. Адам катары биз бири-бирибизден айырмачылыктарыбызга караганда окшоштуктарыбыз көп. (ар түрдүү адамдардын ортосунда окшоштуктар көп, жана ошондой эле, окшош адамдардын ортосунда айырмачылыктар бар).

**3**. Айырмачылыктар өтө чоң мааниге ээ!

➢ **Тренердин милдети – окутулуп жаткандардын ортосундагы окшоштуктун белгилерин да, айырмачылыктын белгилерин да текши жана тегиз карап, тең "элдештирүүгө", шайкеш келтирүүгө аракеттерди жасоо менен бирге, толеранттуулукту, биригүү жөндөмдөрүн өстүрүшү керек.**

Көп түрдүүлүктүн бардык маселелери баалуу, бирок, этникалык, маданий жана диний көп түрдүүлүктү сактоо абдан маанилүү, себеби, алар өөрчүп, келишпестиктерди жана карама-каршылыктарды жаратуусу мүмкүн. Көп түрдүүлүк ар бир социалдык топто бар, жана ал бар жерде аны башкаруу маанилүү.

**Эмне үчүн көп түрдүүлүктү башкаруу керек?**

**Көп түрдүүлүктү башкаруу**

**Бир жагынан көп түрдүүлүк берүүчү артыкчылыктардан болушунча пайда алууга, экинчи жагынан анын терс таасирин болушунча кыскартууга жардам бере турган туруктуу иш-чараларды пландоо жана аткаруу.**

Көп түрдүүлүктү башкаруу (айырмачылыктарды жумшартуу) маселелерине жетишсиз көңүл буруу топтун жана жамааттын биримдигине терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондой эле, бул айрым чакан социалдык топторго карата белгилүү бир өзгөчөлүктөрүнүн негизинде теңсиздикке жана дискриминацияга жол ачышы ыктымал.

**Көп түрдүүлүктү башкарууда** адамдардын ортосунда кандай айырмачылыктар бар жана алар кандай мааниге ээ экендигин ойлонуу, талдоо керек. Жоопту конкреттүү кырдаалды талдоонун натыйжасында тапса болот. Айырмачылыктар *теңсиздик жана дискриминация* орун алганда билинип, маанилүүлүгү байкалат**.** Башка убактарда айырмачылыктар жөн гана биздин жашоону кызыктуураак, маныздуураак жана чыгармачыл кылат.

Биз бири-бирибизден көп көрсөткүчтөр боюнча айырмаланабыз. Төмөнкү сүрөттөгү "Көп түрдүүлүк дөңгөлөгүндө" адамдын айрым мүнөздөмөлөрүнө жараша ар түрдүү социалдык топторго таандыгы аныкталаары көрсөтүлгөн.

Диаграммада бир көрсөткүчтөр ички тегеректе, башкалары сырткы тегеректе жайгашкан. Ички тегеректе адамдардын жеке өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн: сырткы мүнөздөмөлөрү, жаш курагы, расасы, жынысы, адамдын өзгөчө жөндөмдөрү жана кайсы этностун өкүлү экендиги. Бул көрсөткүчтөр ар кандай топко тиешелүүлүктүн, идентүүлүктүн негизги белгилери болуп саналат. Алар туруктуу жана адамдын бала кезинен баштап эле коомго социалдашуусун аныктайт, өзгөртүүгө эч мүмкүн эмес же өзгөртүүгө мүмкүн болсо да, абдан кыйын. Демек, бул көрсөткүчтөргө аяр жана сый мамиле кылуу керек экендиги анык.





Өзгөртүүгө мүмкүн эмес болгон көрсөткүчтөр боюнча адамдар дискриминацияга дуушар болушуп, теңсиздик акыбалда болушарына көңүл буруу зарыл.

Жашоонун эң негизги шарты – коопсуздук. Тигил же бул топтун өкүлдөрү өздөрүн калктын көпчүлүгүнө караганда азыраак коопсуз сезген коомдо эркиндиктин, демократиянын болушу жөнүндө сөз кылуунун кажети жок.

Өзгөчө аярлуу жана сый мамилелерди талап кылган- этникалык көрсөткүчтөр болуп саналат. Ал көрсөткүчтүн белгилери сырткы келбетке байланыштуу- терисинин түсү, сырткы көрүнүшү, бою, дене түзүлүшү, салттар же диний нормалар менен байланышкан башка физикалык мүнөздөмөлөрү, тили, сүйлөө өзгөчөлүктөрү, маданий нормалар, салттар, баалуулуктар., ж.б. Ошондой эле, адамдын жүрүм-турумуна байланыштуу өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн. Ал эми этникалык таандыгын, идентүүлүгүн канааттандыруу үчүн жалпы теги, үй-бүлөлүк байланыштары негиз болуп, аны өзгөртүүгө мүмкүн эместиги айкын.

Сырткы тегеректеги көрсөткүчтөр адамдын жеке аракеттеринин жана коомдун социалдык- экономикалык таасири аркылуу өзгөрүшү мүмкүн: жашаган жери, билими, иштөө стили, үй-бүлөлүк абалы, эмгек жана аскердик кызмат тажрыйбасы, баарлашуу стили, уюштуруучулук ролу, эне тилин колдонуусу, киреше деңгээли жана диндик ишенимдери. Бул көрсөткүчтөр ар кандай топко тиешелүүлүктүн, идентүүлүктүн кошумча белгилери болуп саналат. Аларга таасир этүү менен бирге инсандын коомдо жашоо маданиятын өзгөртүп, маңызын Кыргыз жараны баалуулуктарды сактоого багыттоо мүмкүн.

10-сүрөт. Толеранттулуктун сапаттары.




Билим берүү жана тарбиялык иштерди уюштурууда толеранттуулукка басым жасоо зарыл. Мугалимдердин жана окуучулардын арасында толеранттуулуктун жоктугу же төмөн деңгээли олуттуу коркунуч болуп саналат, анткени бул учурда адамдын (социалдык топтун) өзүнүн ишенимдеринин жана баалуулуктарынын системасы башка адамдардыкына караганда туура жана “артыкчылыктуу” деп эсептешет. Бул дискриминацияга, куугунтукка, коркутууга, сегрегацияга жана акырында башка

топтордун мүчөлөрүнө карата зомбулукка алып келиши мүмкүн. Толеранттуулук түшүнүгү сабырдуулукту, башкалардын пикирине карата жакшы ниетти, ошондой эле түз баарлашууда токтоолукту билдирет.

Толеранттуулук – башкаларга жана өзүнө карата конструктивдүү, сынчыл мамиленин негизи, бул адамдын башка этностордун, диндердин, социалдык катмарлардын, көз караштардын өкүлдөрү менен позитивдүү баарлашууга активдүү социалдык позициясын жана психологиялык даярдыгын билдирген өзгөчө моралдык сапат.

Толеранттуулуктун негизги сапаттары 10-сүрөттө көрсөтүлгөн.

**Кантип көп түрдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүүгө сый мамилени калыптандыруу керек?**

- Бардыгы бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон толеранттуу, инклюзивдүү, натыйжалуу билим берүү чөйрөсүн түзүү. Бардык адамдар үчүн бирдей укуктарды, мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу ишенимин жайылтуу;
- Дискриминациянын жана тенсиздиктин бардык түрлөрүнө жол бербөө.
- Окуучулардын ортосундагы айырмачылыктарды таануу, кабыл алуу жана урматтоо зарылдыгын баса белгилөө;
- Окуучулардын жеке жана өзгөчө жөндөмдөрүн максималдуу эффективдүү пайдаланыла турган жагымдуу жана жемиштүү чөйрөнү түзүү;
- Башка маданияттар жана топтор жөнүндө фактылык маалыматтарды изилдеп жана башка маданияттар тууралуу китептерди окуп, тасмаларды көрүп, өздөрү үчүн маанилүү болгон сабактарды алуу;
- Бүткүл "адамзаттын маданияты" үчүн жалпы жана алардын ортосундагы айырмачылыктарга карабастан, бардык адамдарга мүнөздүү болгон баалуулуктарды билүү; Көп түрдүү маданият жана баалуулуктарга жараша адамдардын жүрүш-турушу да айырмачылыктарга ээ болорун түшүнүү жана кабыл алуу;
- Укуктук механизмдерди жана коргонуу практикаларын билүү;
- Көнүмүш ойлор жана мамилелердин (стереотиптер) зыяны жана аларды өзгөртүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү жана өзгөртүүгө аракеттенүү.

Дүйнө өтө татаал, ошондуктан окуяны же адамдардын ар бирин өз алдынча кабыл алууга көпчүлүктүн убактысы же ал-акыбалы жетпейт. Биз өзүбүздүн көз караштарыбызды, элестерибизди алдын ала бейкалыс ойлор же стереотиптер менен жөнөкөйлөтөбүз. Көбүнчө бейкалыс пикирлердин эч кандай зыяны жок, алар кырдаалды башкарууга мүмкүнчүлүк беришет. Бирок алар жеке адамдардын же топтордун ортосунда пайда болуп, алардын бири-бирине карата жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизгенде, бейкалыс/стереотиптер мамилелерди кыйратуучу күч болуп калышы мүмкүн.

Алдын ала пайда болгон бейкалыс пикирлер, биринчи кезекте, адамдын кабыл алуусуна, таасир этүүчү сезимдеринин жана ишенимдеринин негизинде болот. Алдын ала пайда болгон бейкалыс пикирлерден алыс болуу кыйын, анткени алардын калыптанышында үй-бүлө жана коомдук тарбия чоң роль ойнойт, ошондой эле ал адам кайсы бир коомчулук менен бирге болгусу келет. Бала кезинде кабыл алынган сезимдер жана ишенимдер адамдын жашоосунда инстинктивдүү түрдө колдонулуп кала берет.

Балким, адам авторитардык атмосферада - кандайдыр бир догмаларга шек келтирүүгө тыюу салынган үй-бүлөдө тарбияланса, бейкалыс пикирлерге ээ болушу мүмкүн. Стереотиптер тигил же бул топтун бардык мүчөлөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ деп эсептелгендиктен, белгилүү бир топко карата бейкалыс пикир абдан жалпыланганда пайда болот. Бейкалыс ойлор жана стереотиптер теңсиздикке жана дискриминацияга алып келет.

Дискриминация – бул ар кандай социалдык топтор жөнүндө стереотиптик идеяларга негизделген жана алардын өкүлдөрүнүн укуктарын жана эркиндиктерин чектеген, ар кандай адамдарга бирдей эмес мамиле кылуу. Латын тилинен которгондо "дискриминация" — адамдарды белгилүү бир өзгөчөлүктөрү боюнча топторго бөлүп, алар жөнүндө ошол топтун өкүлдөрү катары гана мамиле кылуу.

Дискриминация адамга объективдүү себептерсиз, анын иденттүүлүгүнө байланыштуу гана адилетсиз мамиле кылууда көрүнөт. Анын максаты - адамдардын айырмачылыктардын, өзгөчөлүктөрдүн ээси болуу укугун жокко чыгаруу. Ал жеке мамилелерде да, мамлекеттик деңгээлде да болушу мүмкүн.

Бейкалыс ойлорго, стереотиптерге жана дискриминацияга гана каршы эмес, аларды пайда кылган маданият менен да күрөшүү керек. Ал үчүн төмөнкү стратегиялык кадамдарды жасоо керек: адамдардын эмпатия жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, түрдүү топтордун ортосунда жолугушууларды уюштуруу, «адам укуктары» жана «укуктарды сыйлоо» түшүнүктөрүн жалпы кабыл алуу, толеранттуулук жана ачык баарлашуу атмосферасын түзүү.

Дискриминация – саясий, социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөдө азчылыктардын укуктарын бузууга болгон ар кандай аракеттерден коргоо. Тилине, динине, этникалык же социалдык тегине, туулган жерине же башка абалына карата дискриминацияны жок кылууда негиз катары ала турган нерсе - адамды укук субъектиси катары таанып, анын башка адамдар менен формалдуу түрдө бирдей позицияда деген теңдик принцибин түшүнүү жана колдонуу болуп саналат.

### Стереотиптер жөнүндө эмнени билүү керек?

**Стереотип** (байыркы грек тил. στερεός «катуу» + τύπος «так») - бул адамдын күнүмдүк жүрүш-турушта колдонулган башка адамдарга же кырдаалга болгон алдын ала субъективдик баасы жана көнүмүш ойлор. Ал адамдардын жеке тажрыйбасынан алынган эмес, көбүнчө башка бирөөдөн уккан жана үстүртөн ойлонуп, тыянак чыгарган айланасындагы же коомдогу көрүнүштөр жөнүндө аң-сезиминде калыптанган туруктуу ойлор. Стереотиптердин **социалдык, этникалык, диний, гендердик, адамдын сырткы мүнөздөмөлөрүнө жана жаш курагына** жараша түрлөрү болот.

Стереотиптердин негизги мүнөздөмөлөрү:

11-сүрөт.Стереотиптердин негизги белгилери




Стереотиптер өтө *жупуну* (примитивдүү) болот, алар чындыкка салыштырмалуу абдан жөнөкөйлөштүрүлгөн, жана көпчүлүк учурда алардын маңызын эч ким анализдеп, кошумча түшүнүк бербейт. Стереотиптердин көбү *туура эмес*. Табиятына жараша стереотиптер туура эмес, себеби аларды терең изилдеп, корутунду чыгарылган учурлар жокко эсе. Бирок, стереотиптер маңызына жана эл арасында канчалык деңгээлде сиңирилгендигине жараша коомго ар кандай деңгээлдеги кыйратуучулук же зыяндуу таасир калтырат экенин белгилей кетүү керек. Стереотиптер көбүнчө *башка адамдын оюн алып кайталоо* болуп саналат. Адамдар көбүнчө өз тажрыйбасына таянбастан, стереотиптерди "маданий ортомчулар" аркылуу кабыл алып, өздөштүрүшөт. Стереотиптер үй-бүлө, массалык маалымат каражаттары же кесиптик топтор аркылуу да калыптанат. Стереотиптер башка адамдардын ишенимдеринин жана баалуулуктарынын жөнөкөйлөштүрүлгөн сүрөттөрүн тартуулайт.

Стереотиптерди *өзгөртүү кыйын*. Өзгөчө, бала кезинен кабыл алынган стереотиптер абдан туруктуу жана адамдардын жүрүш-турушуна дээрлик дайыма таасир этет.

### Стереотиптердин таасирин кантип азайтуу же такыр жеңүүгө болот?

- Стереотип деген эмне экенин жана ал адамдар менен болгон мамилелерди кандайча өзгөртө турганын жакшыраак түшүнүүгө аракет кылуу керек. Стереотиптердин жана бейкалыс пикирлердин табиятын түшүнүү -аларды жоюунун биринчи кадамы болуп саналат.
- Адамдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу керек. Ар бир адам уникалдуу жана ошого жараша мамиле кылууга татыктуу. Бир топтун ичиндеги айырмачылыктар ар кандай топтордун ортосундагы айырмачылыктарга караганда көбүрөөк жана күчтүүрөөк болушу мүмкүн экенин унутпаш керек. Ар бир адам көптөгөн топторго кирээрин билебиз жана ал топтордун бири да биздин инсандыгыбызды толук түшүндүрө да жана сүрөттөй да албайт. Андыктан, топко карата түзүлгөн стереотипке дал келбеген адамдарды эстеп, элестетүү керек.
- Көп жагдайларга башка адамдын көз карашы аркылуу карап көрүү үйрөнүү зарыл. “Бардыгы ошондой” деп алдын ала, көп ойлонбой айтуудан баш тартыш керек: мисалы, “бардык блондинкалар акылсыз”, “бардык айымдар унаа айдаганды билишпейт” же “кыргыздардын баары эт жегенди жакшы көрүшөт”.
- Өзүңүздүн ойлоруңуздун тууралыгын (тактыгын) жөнөкөй баалоого аракет кылуу керек. “Меники эң туура”, “Мен башкалардан өзгөчө артыкчылыктарга ээмин” сыяктуу ойлор биримдикке, достукка алып келбейт.
- Сизден айырмаланган адамдардын маданиятын түшүнүүгө жана изилдөөгө аракет кылып, мүмкүн болсо, башкалар тарабынан айтылган стереотиптик пикирлерди нейтралдаштырууга аракет кылуу керек.



**Стереотиптер чындыкка дал келбеген учурларда аларды туура түшүнүп, айланадагыларды кабардар кылып жана алардан баш тарта билүү маанилүү**.

**Негизги корутунду:**

- Адамдар өздөрүнүн стереотиптерин (көнүмүш ойлорун), аларга карама-каршы келген чындыкка карабастан, сактап калышат жана алардын жаш муундарга таасир этүү коркунучтары бар. Ошондуктан, иш-аракеттер көп түрдүүлүк шартында жашоонун бирден бир шарты – стереотиптерден арылуу экендигин окуучуларга жеткирүү багытында болуп, натыйжаларга алып келүүсү зарыл. Ал эми негизги натыйжа - *көп түрдүүлүк компетенцияларын калыптандыруу аркылуу адамдын коомдо жашоо маданиятын өнүктүрүү*.
- Адамдардын окшоштук белгилерин да, айырмачылыктарын да карап, «элдештирүүгө» жана шайкеш келтирүүгө аракет кылуу керек.
- Биримдикти, ынтымакты жана тынчтыкты куруунун баалуулуктары адамдарда болгон бардык айырмачылыктарды жана өзгөчөлүктөрдү сыйлоо жана кабыл алуу аркылуу калыптандырылышы керек.
- Калыптанган баалуулуктардын негизинде гана коомдо жалпы коопсуздукту, жана ошондой эле, ден соолук жана сапаттуу билим, сүйүү жана үй-бүлө, бакубат жашоо, өзүн-өзү адекваттуу сыйлоо менен байланышкан өз каалоолорубузду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү бар.

### 1.4. Мамлекеттик тилдин жарандарды бириктирүүдөгү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүүдөгү ролу

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышында, бирдиктүү улуттун түзүлүшүндө бириктирүүчү фактор катары мамлекеттик тилдин ролу чоң. Мамлекеттик тил – мамлекеттик жана жарандык интеграциянын куралы болгон Туу, Гимн, Герб менен катар мамлекеттүүлүгүбүздүн маанилүү атрибуттарынын бири.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил – кыргыз тили. Демек, кыргыз тилин өнүктүрүү – бул кыргыз элинин мурасы жана өзүнчө бир этностун тилин өнүктүрүү гана эмес, мамлекетти сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле бардык жарандар үчүн өз мамлекетин сыйлоо сезимин калыптандыруу маселеси менен байланышкан.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 13-беренеси

1. Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили.

Мамлекеттик тилди колдонуунун тартиби конституциялык мыйзам менен аныкталат.

2. Кыргыз Республикасында расмий тил катары орус тили колдонулат.

3. Кыргыз Республикасынын элин түзгөн бардык этностордун өкүлдөрүнө эне тилин сактоо, үйрөнүү жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү укугу кепилденет.

Мамлекеттик тили — мамлекеттин бүтүндүгүн, элдин биримдигин камсыздайт, элдин жалпы байлыгы болуп саналат. Ушуга байланыштуу мамлекеттик тилди өнүктүрүү- коомдун биримдигин, социалдык биримдүүлүктү жана өлкөнүн стабилдүүлүгүн чыңдоонун маанилүү багыты катары түшүнүү керек. Мамлекет менен мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланышта – бири экинчисинин өнүгүшүнө шарт түзөт. Бул ар бир өлкө үчүн уникалдуу, өзүнүн мыйзам ченемдүү өзгөчөлүктөрү бар табигый процесс. Мамлекеттик тилдин макамын көтөрүү, анын ролун жогорулатуу эгемендүү Кыргызстандын жашоосу жана өнүгүүсү үчүн зарыл болгон кадам.

Акыркы жылдарда кыргыз тили турмуштун бардык чөйрөсүнө терең колдонулуп, өзүнүн позициясын олуттуу түрдө чыңдады. Ошондуктан, мамлекеттин күч-аракети кыргыз тилинин Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын руханий жана маданий баалуулугу катары, мамлекеттик тил катары толук кандуу иштешин камсыз кылууга, тил маданиятын мындан ары да жогорулатууга жана эл арасында кеңири жайылтууга багытталганы толук логикалуу жана негиздүү.

Жогоруда белгиленгендей, Кыргызстандын элинин тарыхын, маданиятын үйрөтпөй туруп улуттук тарбияны элестетүү мүмкүн эмес, өткөндү үйрөтпөй туруп, өсүп келе жаткан муундун атуулдук сезимин калыптандыруу мүмкүн эмес. Мамлекеттик тилди жайылтууда орчундуу жерлерин туура аныктап, басымдарды туура коюу керек. Мамлекетибиздин нукуралыгын сактоо жана улуттук маданиятты өнүктүрүү үчүн мамлекеттик жана коомдук турмуштун бардык тармактарында мамлекеттик тилди жайылтуу зарыл. Бул өлкөдө тил саясатын эффективдүү жүргүзүүгө, ишке ашырууга негиз болоору шексиз. Бирок, кээ бир учурларда, бул маселе ар кандай себептерден улам ар кайсы саясатчылар тарабынан жеке кызыкчылыктары үчүн өтө көп колдонулуп жаткандыгын да белгилешибиз керек. Тил саясатын ишке ашыруу кылдат мамилени талап кылат, анткени ал чыр-чатакты жаратып жиберүү жагынан жогорку сезимталдыгы бар. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн бардык көйгөйлөрүн чектөө чараларына чейин кыскартуу жана өлкөдө расмий тилдин колдонуу

чөйрөсүн тарытуу- тилекке каршы, белгиленген максаттарга жана жыйынтыктарга алып келбейт. Буга байланыштуу жарандарыбыздын көп тилдүүлүккө шыктандыруу менен бирге, аларды чындап эле Ата-Мекенге болгон сүйүү жана патриоттуулук аркылуу, жана ошондой эле, өздөрү үчүн пайдалуу, ыңгайлуу болгон жактарды табуу аркылуу мамлекеттик тилди үйрөнүүгө үндөгөн реалдуу демилгелерди издөө зарыл.

Өсүп келе жаткан муундун көп тилдүү болууга, кыргыз, орус, англис жана башка тилдерде эркин сүйлөөгө умтулуусун арттыруу зарыл. Дүйнөлүк маалымат мейкиндигинин азыркы шартында тыюу салуу, мажбурлоо чараларынан пайда чыкпасын түшүнүү керек. Мажбурлоо ар кандай нааразычылыкты жана жек көрүүчүлүктү, каршылыкты жана баш тартууну гана жаратат. Жок дегенде коркуу сезимин жаратат. Бул сезимдердин бардыгынын табияты кыйратуучу. Бизге жетишпей жаткан жаратмандык, өнүктүрүүчү күч - Сүйүүдө, өз ара макулдашуу жана сый мамледе.

Сиздин милдетиңиз — биздин жарандарыбызга мамлекеттик тилдин кооздугун жана баалуулугун көргөзүп берүү, аларда мамлекеттик тилде сүйлөөгө, ой жүгүртүүгө жана ойлонууга шыктандырып, аны колдоп туруу, мамлекеттик тилди билүүнүн өлкөбүздүн сакталуусуна жана өнүгүшүнө тийгизген таасирин түшүндүрүү. Ошондой эле мамлекеттик тил расмий тил менен катар улуттар аралык баарлашуунун тили болушу абдан маанилүү.

Тил саясаты Кыргыз Республикасында жашаган бардык этностордун эне тилдерин өнүктүрүүнү колдоо менен бирге, өлкөнүн биримдигин чыңдоонун маанилүү фактору катары жарандардын мамлекеттик тилди үйрөнүүгө болгон шыгын өнүктүрүүгө жана жогорулатууга багытталгандыгын түшүнүп, ынанышыбыз керек. Саясаттын максаты – мамлекеттик тилди жана дүйнөнүн башка тилдерин да билген кыргызстандыктардын жаңы көп тилдүү муунун тарбиялоо болуп саналат.

Тилдин жардамы менен ар бир эл өзүнүн дүйнө таанымын, маданиятын, ишмердүүлүгүн, баалуулуктарын муундан муунга өткөрүп берет. Тилдин жардамы менен биз баарлашып, ой-пикирибизди жеткирип тим болбостон, билим деңгээлин, руханий байлыгыбызды жана маданиятыбызды жогорулатабыз жана жайылтабыз.

**Негизги корутунду:**

- Мамлекеттик тилди үйрөнүүнү терең жана кеңири жайылтуунун негизги факторлору — шыктандыруу, мамлекеттик тилди өздөштүрүүдөгү жарандык жоопкерчилик сезимин калыптандыруу, мамлекеттик тилде сапаттуу контентти өнүктүрүү, ошондой эле тилди үйрөнүүгө түрткү берүүчү программалар менен усулдарды киргизүү болуп саналат.
- Мамлекеттин башкы символу, улуттун нукура табияты, Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана руханий өнүгүүсү жана жаңылануусу, улуттар аралык ынтымак жана карым-катнаш куралы катары - мамлекеттик тилдин кадыр-баркын мындан ары жогорулатуу менен мамлекеттик тилди ар тараптуу өнүктүрүү биздин милдетибиз.

## 1.5. Кыргыз Республикасынын мамлекетинин жана мамлекеттик башкаруусунун негиздери. Жарандардын укуктары жана милдеттери.

Алгач, мамлекет деген эмне экенин аныктап алалы. Мамлекеттин бар экендигин аныктоонун болгон негизги белгилер бар.

Мамлекеттин бар экендигинин негизги белгилери:

- аймактын биримдиги;
- мыйзам чыгаруу иши;
- суверенитет;
- күч колдонууга монополия (легалдуу мажбурлоо);
- милдеттүү мүчөлүк (жарандык);
- салык төлөмдөрү;
- мамлекеттик бийлик.
- мамлекеттик символдор;
- мамлекеттик тил;
- куралдуу күч;
- бирдиктүү валюта.

Мына ушул белгилердин негизинде биз жашап жаткан мамлекет — мамлекет болуп саналат. Ар бир мамлекеттин өзүнүн түзүлүшү, башкаруу формасы жана саясий режими бар.

11-сүрөт. Мамлекеттердин түрлөрү




***Кыргыз Республикасы*** - президенттик башкаруу формасындагы Республика, демократиялык режимдеги унитардык мамлекет.

***Республика*** - бул мурастык эмес, жогорку бийлик шайланган жана ыйгарым мөөнөткө ээ болгон башкаруу формасы.

***Президенттик башкаруу формасы*** - Президент жалпы элдик добуш берүү менен шайланат, өлкөнү жетектейт жана эң кеңири ыйгарым укуктарга ээ.

***Унитардык мамлекет*** – аймактар көз карандысыз эмес, бирдиктүү борбордук бийликке баш ийген мамлекеттик башкаруу формасы.

Мамлекетибиздин саясий-укуктук жана социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн негизи 2021-жылдын 5-майында референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен аныкталат.

***Конституция*** (латын тилинен constitutio – "түзүү, орнотуу, курам") эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон мамлекеттин негизги мыйзамы, мамлекетти түзүүнүн негизги максаттары белгилеген негизги документи болуп саналат. Конституция – мамлекетти түзүүнүн тартибин жана коомдук мамилелерди аныктаган жарандар менен мамлекеттин ортосундагы келишим.

***Кыргыз Республикасынын жарандыгы*** – адам менен мамлекеттин ортосундагы алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысында туюнтулган туруктуу укуктук байланыш.

Жарандар менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин маданиятын калыптандыруунун эки ыкмасы бар:

1. Патерналисттик маданият: мамлекет жарандын атасы катары ага жашоонун маданий, идеологиялык багыттарын көрсөтүп, анын бардык ишмердүүлүгүн жөнгө салат, ал эми адам мамлекеттин объектиси болуп саналат.

2. Либералдык-демократиялык маданият: жаран инсан катары субъект болуп, мамлекеттин ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү жүргүзө алат.

Биринчи ыкма — тоталитардык, авторитардык же жарым-жартылай авторитардык башкаруу орногон мамлекеттерге таандык. Экинчи ыкма — өнүккөн жарандык коом институттары, саясий партиялар жана көз карандысыз маалымат каражаттары бар демократиялык башкаруу формасын кабыл алган мамлекеттерге таандык.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясы**

**1-берене.**

1. Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) - көз карандысыз, эгемен, **демократиялык**, унитардык, **укуктук**, светтик жана социалдык мамлекет.

2. Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт жана бардык аймагына жайылтылат.

**2-берене**.

1. Конституциялык түзүлүштүн негиздерин өз алдынча аныктоо Кыргыз Республикасынын **элинин эгемен укугу болуп саналат.**

Жаран менен мамлекеттин ортосундагы негизги коммуникациялык аракеттер төмөнкү убактарда болот: жарандар өз эркин билдирген учурда – шайлоолордо, референдумдарда; мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланган учурда – бюджеттик билим берүү, саламаттыкты сактоо; социалдык милдеттенмелер аткарылган учурда – пенсияларды төлөө,

жөлөк пулдарды берүү ж. б.; ошондой эле маалыматтык саясатты жүргүзүү жана жарандарды маалымат менен камсыз кылууда.

Белгилүү бир коомдогу тарыхый жана саясий салттардын мүнөзүнө жараша жарандар менен мамлекеттин ортосундагы жүрүм-турумдун жана өз ара аракеттенүүнүн моделдери калыптанат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасы элдик бийлик үстөмдүк кылган демократиялык мамлекет жана эл - бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат, ал шайлоо учурунда өзүнүн ыйгарым укуктарын Президентке жана Жогорку Кеңешке берет жана алар элдин атынан мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашырышат. Эл Конституция аркылуу башкаруу формасын аныктайт. Ошондуктан шайлоолорго/референдумдарга катышуу жана туура тандоо жасоо абдан маанилүү.

*Байыркы грек философу Платон «Мамлекет» трактатында идеалдуу мамлекет жана идеалдуу коом — жарандар менен мамлекеттин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнүн жана өз ара аракеттенүүнүн негизинде гана курулаарын баса белгилеген. Дагы бир улуу грек ойчулу Аристотель өзүнүн «Саясат» деген китебинде жарандын да, мамлекеттин да эң жогорку идеалдары жарандар менен мамлекеттин ортосундагы эң жогорку мамиледе ишке ашат деп жазган.*

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуп, мамлекет түздү. Системалуу өзгөрүүлөр жарандар менен мамлекеттин ортосундагы мамиленин негизги өзгөчөлүгү болуп калды. Бул процесстер мамлекет менен жарандын өз ара аракеттенүү маданиятын мурдагы советтик мурастан жарандыктын жаңы формасына өтүүгө жол ачты. Мамлекеттин көз карандысыздыгынын отуз жылдык тарыхында коом менен мамлекеттин ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жаңы баалуулуктарын жана эрежелерин издөө процесси жүрдү. 1990-жылдагы Ош окуясы, 2002-жылдагы Аксы окуясы, 2005-жылдагы март окуясы, 2010-жылдагы апрель окуясы, 2010-жылдагы июнь окуясы, 2020-жылдагы октябрь окуясы жана башка окуялар мамлекет менен жарандардын ортосундагы мамиледе өзгөрүүлөр болгонун, жана жарандык баалуулуктарды активдүү издөө, жарандык укуктар менен эркиндиктерди коргоо процессин көрсөттү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын Кыргыз Республикасынын жараны катары укуктук абалын белгилейт, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана нормаларына, ошондой эле эл аралык келишимдерге ылайык, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин тааныйт жана кепилдейт.

Өз укуктарын билбегендиктен улам, көптөгөн жарандар өз укуктарын пайдалана албай, алардын аткарылышын талап кыла алышпайт. Ар бир адам өзүнүн бузулган укуктарын жана эркиндиктерин коргоого кайрылууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренеси

1. **Адам укуктары жана эркиндиктери бөлүнгүс жана ар бир адамга төрөлгөндөн тарта таандык. Алар абсолюттук деп таанылат жана мыйзам жана сот тарабынан кол салуудан корголот.**

Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын эң жогорку баалуулуктарынын бири.

Мына ушуга байланыштуу мамлекет адам укуктарын жана эркиндиктерин таануута, урматтоого жана коргоого милдеттүү. Адамдын укуктары мамлекет, коом же жеке адамдар тарабынан бузулушу мүмкүн эмес.Ада мдын негизги укуктарынын бири - бул жашоо укугу.

Адам укуктары универсалдуу – алар теңдик принцибине негизделген.

Ошентип, эркиндиктин алкагы баарына бирдей, укук мейкиндигинде эч кимге себепсиз жеңилдиктер жок. Эч ким өзүнүн жеке жашоосуна, үй-бүлөсүнө, же кат алмашуусуна кийлигишүүгө, анын ар-намысына жана аброюна кол салууга дуушар болбошу керек.



**Адамдын укуктары табигый болуп саналат, алар бардык адамдарга төрөлгөндөн баштап таандык, ал эми жарандык укуктары- адамга анын мамлекетке таандык болгондугуна (жарандык) байланыштуу укуктар болуп саналат.**

Адамдын жана жарандын негизги конституциялык укуктарын үч топко бөлүүгө болот.

**1.Жеке укуктар жана эркиндиктер**:

- жашоо укугу (25-берене),
- үй-бүлө куруу укугу(26-берене),
- балдарга камкордук көрүү, аларды тарбиялоого, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине укуктуу(27-берене),
- Кыргыз Республикасында кулчулукка, адамдарды сатууга жол берилбейт (28-берене),
- ар бир адам жеке турмушунун кол тийгистигине, абийиринин жана ар-намысынын корголушуна укуктуу (29-берене),
- ар бир адам өзүнүн менчигинде же башка укуктук ээлигинде турган турак жайынын жана башка объекттеринин кол тийгистигине укуктуу (30-берене),
- ар бир адам Кыргыз Республикасынын аймагында эркин жүрүүгө, баруучу жана жашоочу жерин тандап алууга укуктуу (31-берене),
- ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга укуктуу(32-берене),
- ар бир адам маалыматты эркин издөөгө, алууга, сактоого, пайдаланууга жана аны оозеки, жазуу түрүндө жана башка жол менен жайылтууга укуктуу (33-берене),
- ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет (34-берене),
- ар бир адам мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кызматтык милдеттерин аткаруудагы мыйзамсыз аракеттеринен (аракетсиздигинен) келтирилген зыяндын ордун мамлекеттен толтуртуп алууга укуктуу (35-берене),
- ар бир адам биригүү эркиндигине укуктуу (36-берене).

**2.Саясий укуктар:**

- Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу (37-берене),
- ар бир адам тынч чогулуштар эркиндигине укуктуу (39-берене).

**3.Экономикалык жана социалдык укуктар:**

- Ар бир адам өзүнүн мүлкүнө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээлик кылууга, пайдаланууга жана тескөөгө укуктуу (40-берене),
- ар бир адам экономикалык эркиндикке, мыйзам менен тыюу салынбаган ар кандай экономикалык ишмердүүлүгү үчүн өз жөндөмүн жана өзүнүн мүлкүн эркин колдонууга укуктуу (41-берене),
- ар бир адам эмгек эркиндигине, эмгекке жөндөмдүүлүгүн пайдаланууга, кесибин жана иштин түрүн тандоого, коопсуздуктун жана гигиенанын талаптарына жооп берген эмгек шарттарына жана эмгекти коргоого укуктуу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунан төмөн болбогон эмгек акы алууга укуктуу (42-берене),
- ар бир адам ден соолугун коргоого жана медициналык камсыздандырууга укуктуу (43-берене),
- Кыргыз Республикасында улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилденет (44-берене),
- ар бир адам билим алууга укуктуу (46-берене),
- ар бир адам өз кызыкчылыгына жана жөндөмүнө жараша чыгармачылыктын бардык түрлөрүн жүргүзүүгө укуктуу (47-берене).



**УНУТПАҢЫЗ:**

**Жоопкерчиликсиз укук, укуксуз жоопкерчилик жок**

**КР Конституциясына ылайык, адамдын жана жарандын төмөнкүдөй милдеттери бар:**

- Конституцияны жана мыйзамдарды сыйлоо жана сактоо;
- Коомдук жүрүм-турумдун эрежелерин жана нормаларын сактоо, коомдун кызыкчылыктарын урматтоо;
- Башка адамдардын укуктар менен эркиндиктерин, абийирин жана кадыр баркын урматтоо;
- Салыктарды жана жыйындарды төлөө;
- Ата мекенди коргоо жана аскер кызматын өтөө;
- Ата-энелердин өз балдарына кам көрүү, аларды тарбиялоо милдети; жашы жеткен балдардын ата-энелерге кам көрүүсү.

Бул милдеттерди аткаруудан баш тартууда административдик же жазык жоопкерчилиги белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, укук бузуулардын алдын алуу жана бузулган укуктарын калыбына келтирүү мамлекеттин, анын бардык мекемелеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызматкерлеринин милдети деп жарыяланган.

Социалдык башкаруунун кепилдиктери – мамлекеттин коомго кызмат кылуусунун жана коомдогу адилетсиз теңсиздикти жоюуга же азайтууга умтулуусунун кепилдиктери. Кыргыз Республикасынын Конституциясы социалдык башкаруунун кепилдиктерин мамлекеттик мекемелердин милдеттери катары бекитет: жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды багуу, окутуу жана тарбиялоо; кары адамдарга, оорулууларга, майыптарга жана багуучусунан ажырагандарга социалдык кам көрүү, ж.б.

Жарандыктын негизги принциптери:

**Ар бирибиз бардык адамдардын укуктарын теңдигин жана эркиндиги кол тийгис экенин тааныйбыз!**

**Ар бирибиз бул укуктарды жана эркиндиктерди тең даражада коргоо үчүн мамлекет менен “келишим түзөбүз” жана мамлекеттен милдеттенмелерин аткарууну талап кылууга укуктуубуз!**

**Ар бирибиз өз милдеттерибизди аткарышыбыз керек, анын биринчиси – ар бир адамдын укуктарын жана эркиндигин коргоо максатында иштелип чыккан мыйзамды сактоо!**

Жарандар менен бийлик органдарынын ортосундагы эффективдүү мамилелер адилет башкаруу аркылуу гана мүмкүн, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин ачыктыгы;
- өлкөнүн жарандарынын алдындагы жоопкерчилик;
- жарандык катышууну жана инклюзивдик башкарууну камсыз кылуу;
- жарандарды чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу;
- мыйзамдуулукту камсыз кылуу;
- компетенттүүлүк жана туруктуулук.



**Жарандар өз мамлекетинин негиздөөчүлөрү болуп саналат жана жарандардын сапаты мамлекеттин сапатын аныктайт. Жарандар жетекчилерди тандап, ошону менен мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жана адилеттүүлүгүн аныктайт.**

## 1.6. Кыргыз жараны жана шайлоо

Дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр жана элдер эркин жана таза шайлоолор демократиялык режимдин негизги көрсөткүчү экендигин жана бийликтин негизги булагы болгон элдин эркин билдирүүсүнүн негизги каражаттарынын бири экенин баамдашты.

1. Ар бир адам өз өлкөсүн түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу башкарууга катышууга укуктуу.

2. Ар бир адам өз өлкөсүндө мамлекеттик кызматка кирүүгө бирдей укукка ээ.

3. Элдин эрки өкмөттүн бийлигинин негизи болууга тийиш; бул эрк мезгилдүү жана бурмаланбаган шайлоолордо билдирилүүгө тийиш, алар жалпы жана тең шайлоо укугу аркылуу, жашыруун добуш берүү жолу менен же добуш берүүнүн эркиндигин камсыз кылуучу башка ар кандай бирдей маанидеги формалар менен жүргүзүлүүгө тийиш.

**Адам укуктарынын жалпы декларациясы 21-статья**

Жашоодо адам келечекте кандай жашаарын аныктаган ар кандай тандоолорду жасайт!

- Ал өзүнүн досторун тандайт!
- Каалаган окуу жайын тандайт!
- Ал бүт өмүрүн чогуу өткөрүүнү каалаган өмүрлүк жарын тандайт!
- Үй-бүлө куруп, балдарды тарбиялагысы келген үйдү тандайт жана башка тандоолорду жасайт.

**Ошондой эле, дагы бир маанилүү тандоо бар! Ал БИЗДИН өлкөбүз, Кыргыз Республикасы келечекте кандай жашаарын тандоо!**

Конституцияга ылайык, **Кыргыз Республикасынын ЭЛИ эгемендүүлүктүн ээси жана мамлекеттик бийликтин жалгыз булагы болуп саналат.**

Кыргыз Республикасынын жарандары өз бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда (жалпы элдик добуш берүү), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары системасы аркылуу ишке ашырышат.

Эл тарабынан шайланган Президент жана Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын элинин атынан иш алып барууга укуктуу.

Демек, **ЭЛ (жарандар)** өздөрүнүн атынан бийлик жүргүзө турган жана мамлекетибиздин келечегин аныктай турган жетекчилерди жана ошондой эле, өз жашоосунда маанилүү болгон (айлыгы кандай болот, кимге жөлөк пул төлөнөт, бизди ким жана кантип коргойт, ким жана кантип бизди дарылайт, биздин балдарыбызды ким жана кантип тарбиялайт ж.б.) чечимдерди чыгара турган өкүлдөрүн тандайт.

Шайлоого катышуу, өзүн өлкөнүн чыныгы жараны катары тааныган инсан үчүн милдет болуп саналат. Чыныгы жаран, албетте, өзүнүн өлкөсүн жөн гана үйү-жайы жайгашкан жер катары эле эмес, анын үй-бүлө, жакындарынын келечеги, тагдыры менен байланышкан Мекени катары кабыл алуусу керек. Шайлоого катышуу – бул жарандын өлкөнүн турмушундагы эң маанилүү маселелер боюнча өз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгү гана эмес, ошондой эле өзүнүн чечими үчүн коомдун алдындагы аң-сезимдүү жоопкерчилиги болуп саналат.

Кайсы коомдо, кандай мамлекетте жашай турганына кам көргөн жарандар үчүн- шайлоо ар бир адамдын милдеттүү укугу: акылы жана аң-сезими үчүн — бул укук, абийири үчүн — бул милдет.

**Эмне үчүн жарандын добуш берүүсү маанилүү?**

Эң негизги себеп – добуш берүү укугун пайдалануу. Шайлоо укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан өлкөнүн бардык жарандарына берилген. Добуш берүү укугуна ээ болуу менен ар бир адам мамлекетти башкаруу процессине катышууга, ошондой эле бийликке түздөн-түз таасир этүүгө мүмкүнчүлүк алат.

Экинчи себеби, Кыргыз Республикасынын ар бир жараны кийинки мөөнөттө өлкөнү “башкарууну кимге тапшырам”, “менин өкүлүм ким болушу керек”, “биз кандай мыйзамдар менен жашайбыз” сыяктуу маанилүү суроолорго өзү жооп берет. Ошентип, шайлоо аркылуу биз мамлекеттик бийликти мыйзамдаштырабыз.

Үчүнчү себеп – жеке жарандык позициянын көрүнүшү. Чыныгы атуул гана жалпы өлкөдө да, кичи мекенинде да болуп жаткан окуяларга кайдыгер эмес.

Кыргыз Республикасында шайлоо эркин, жалпы, тең жана түз шайлоо укуктарынын принциптеринин негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Ар бир жаран өз эркин билдирүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасындагы шайлоолор жарандардын шайлоо укуктарын **эркин жана өз ыктыяры менен** жүзөгө ашыруусуна негизделет. Эч ким жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында аларга таасир этүүгө укугу жок.

**Жалпы шайлоо укугу** деген эмне? Эгерде жаран 18 жаштан ашса, ал Президентти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо укугуна ээ. **Тең шайлоо укугу** - жарандардын шайлоого бирдей шарттарда катышуусун, ар бир шайлоочу бирдей сандагы добушка ээ болушун жана өз аракеттери үчүн жоопкерчиликтүү экенин билдирет.

**Түз шайлоо укугу** - жарандын өз өкүлдөрүн парламентке жана президенттикке шайлоодо, алардын ким экенин билип, тандоого аң-сезимдүү мамиле кылып, жеке өзү добуш берүү укугун билдирет.

**Жашыруун добуш берүү** - добуш берүү учурунда эч кандай басым, көзөмөл болбойт дегенди билдирет. Шайлоочу өзү гана кимге добуш берип жатканын билет жана келечектеги кызматка өзүнүн өкүлүн басымсыз, көзөмөлсүз тандайт. Жашыруун добуш берүүнү бузгандар үчүн кылмыш жазасы бар экенин унутпаңыз.

Шайлоо бийликти тынч өткөрүп берүү үчүн жана саясий атаандаштыкка формалдуу шартты түзөт.

*Биздин өлкөдө 7 миллиондон ашык жаран бар, анын ичинен шайлоочулардын саны (б.а. 18 жаштан жогоркулар) - 3 703 420. 2021-жылы өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүүгө 1 миллион 281 миң 622 адам катышкан, ал жалпы шайлоочулардын 34,61% түзөт.*

Шайлоочулардын аз катышуусунун себептери:

- шайлоодон чарчоо;
- шайлоо институтуна ишенимдин төмөндүгү;
- шайлоонун таза өтүшүнө ишенбестик;
- ар бир шайлоочунун добушу “эч нерсени чечпейт” деген пикирдин болушу;
- добуштарды сатып алуу;

- административдик ресурстарды пайдалануу;
- татыктуу талапкерлердин жоктугу;
- катталган жери менен жашаган жеринин ортосундагы айырмачылыктар.

*Республика боюнча бардык шайлоочулардын тизмесинин түзүмүндө жаш шайлоочулардын (18-30 жаштагылар) үлүшү 32% түзөт, бул 1201533 адам. Жыл сайын Кыргыз Республикасынын шайлоочулардын тизмесине 18 жаштан жогорку 80 миңге жакын жаңы шайлоочулар киргизилет. Бирок, 2021-жылдын 28-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого жаштар арасынан 246 803 гана адам катышты, бул 20,5% түзөт.*

Жаш шайлоочулар жалпы шайлоочулардын дээрлик үчтөн бирин түзөөрүн эске алсак, жаштардын өкүлчүлүгү, шайлоо процессине жана саясий чечимдерди кабыл алууга катышуусу абдан маанилүү. Жаштар активдүү жарандар катары өлкөнүн турмушуна толук кандуу катышуу үчүн өздөрүнүн саясий укуктарын билүүгө жана зарыл болгон укуктук маданиятка ээ болууга тийиш. Ошондуктан жаштар арасында шайлоого жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамилени калыптандыруу маанилүү. Бул бир гана жаштарга эмес, өлкөбүздүн бардык жарандарына тиешелүү.

Жаш шайлоочулардын шайлоолор жана шайлоо процесси, шайлоого катышуунун маанилүүлүгү жана негизделген чечимдерди кабыл алуу боюнча маалымдуулугун жогорулатуу боюнча иштерди активдештирүү зарыл.

Жаштар, өзгөчө биринчи жолу добуш берип жаткандар менен иштөө көптөгөн күч-аракеттерди талап кылат. Жаштар, шайлоого биринчи жолу катыша турган 18 жаштагы жарандар – бул өзгөчө топ, алардын көңүлү ашыкча үгүт жана агитацияга бурулбайт. Бул топ жаңы маалыматты кабыл алуу, үйрөнүү жана өз чечимин өзгөртүү, ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен да өзгөчөлөнөт. *Бул процессте жарандардын жаңы муунун калыптандырууда мектептер жана мугалимдер чоң роль ойношот.*



Бүгүнкү күндө добуштарды эсептөөнүн ишенимдүүлүгүн жана тактыгын камсыз кылуу үчүн бардык шарттар түзүлдү, добуштарды эсептөөнүн жаңы технологиялары – шайлоонун жыйынтыгын автоматтык түрдө окуу жана маалыматтарды коопсуз байланыш каналдары аркылуу Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине өткөрүү киргизилди.

Добуш берүү аяктагандан кийин бардык маалыматтар автоматтык түрдө Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында көрсөтүлөт. Эми бюллетендерди массалык түрдө таштоо жана эсептөөнүн жыйынтыгын бурмалоо мүмкүнчүлүгү жокко чыкты.



**Ар бир Кыргыз жараны “Таза жана адилеттүү шайлоо өзүнөн башталат!” деп түшүнүшү керек. Жаран кайсы шайлоого барбасын, бул биздин жалпы келечегибиз үчүн тандоо экенин жоопкерчилик менен жана аң-сезимдүү кабыл алып, татыктуу талапкерлерди тандоо керектигин унутпашы керек! Эң маанилүү нерсе- өз добушун сатпоо!**

# 2-БӨЛҮМ. КАЛК МЕНЕН КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ИШТИ УЮШТУРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА НЕГИЗГИ ЫКМАЛАРЫ.

## 2.1. Чоңдордун муктаждыктарынын өзгөчөлүктөрү жана чоңдорду окутуу.

«Кыргыз жараны» Концепциясынын негизги өзгөчөлүгү – идеяларды ар кандай социалдык топторго алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кылдаттык менен жеткирүү болуп саналат. Мисалы, төмөндө калк менен маалыматтык-агартуу иш-чараларын уюштурууда эске алынууга тийиш болгон топтордун спецификасы жана өзгөчөлүктөрү келтирилген.

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү - жаштар:**

- Жарандык коом деген эмне экенин түшүнүккө ээ;
- Санариптик көндүмдөргө ээ;
- Жогорку мобилдүүлүккө жана эмоционалдыкка ээ;
- Социалдык долбоорлор менен волонтерлук тажрыйбага ээ;
- Бир нече тил билишет;
- Окууга ачык, азыраак стереотиптерге ээ;
- Өзгөрүүлөргө даяр;
- Өткөөл курак мезгилинде;
- Жоопкерчиликтүү болуу жана тартип сактоо жөндөмү жетишсиз.

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү - мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар:**

- Тренингке катышуу үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (көрүү, угуу, таяныч-кыймыл аппаратынын жана менталдык чектөөлөрдүн ар кандай түрлөрү);
- Тез-тез чарчоо, кыжырдануу, бардык интерактивтерге катыша албайт;
- Физикалык кемчиликке жогорку сезгичтикке ээ;
- Маалыматты ар кандай коммуникация каналдары аркылуу аудио, видео жана сезимдерди жөнөкөй жолдор менен кабыл алынышын талап кылат;
- Тренинг өткөрүлүүчү имаратта өзгөчө шарттар болушу керек (пандус, эшиктин өлчөмү, лифт ж.б.);
- Кошумча ресурстар керек (эскорт, жеткирүү ж.б.);

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү - этникалык топтор:**

- Мамлекеттик тилди анча билишпейт, орус тилинде жана өз эне тилинде баарлашканды артык көрүшөт;
- Алардын өз эне тилине, маданиятына, тарыхына ээ жана улуту менен сыймыктанышат;
- Алар этникалык маселелерге өтө сезимтал жана аларды белгилегиси келбейт;
- Чыр-чатактын чыгуу мүмкүнчүлүгү чоң;
- Коомдук жана саясий турмушка активдүү катышпайт;
- Ар түрдүүлүктү сактоого ачык;
- Билим деңгээли ар түрдүү;
- Көбүнчө калк жыш жайгашкан аймактарда жашашат;
- Толеранттуулуктун деңгээли жогору, эмоцияларын жашырышат.

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү - аялдар:**

- убактысы чектелген;
- үй-бүлөөнү жана балдарды кам көрүү милдеттери бар;
- финансылык туруксуз, өздүк ресурстары жок;
- өзүнө ишенич жетпегендик;
- түшүнүктүү жана жеңил тил талап кылат;
- жатып ичерлик басымдык кылуу;
- окууга болгон кызыгуусун көрсөтүшөт.

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү – диний жамааттар:**

- коомдук турмушка кызыкпайт;
- диний аяттардан тастыктоону күтүшөт;
- укуктук маданиятты жана жарандыгы төмөн деңгээлде;
- тилектештик тажрыйбасына ээ;
- жөнөкөй жана жеткиликтүү тилди талап кылат;
- ар түрдүүлүктү баалашат;
- диний баалуулуктарга сезимталдыгы жогору;
- биргелешкен билим берүүгө катыша албайт (эркектер жана аялдар);
- социалдык тармактарда активдүүлүккө жана алардын "ньюсмейкерлерине" ишеними жогору.

**Аудиториянын өзгөчөлүктөрү - Бизнес өкүлдөрү жана ишкерлер:**

- убакытты аябай тар жана аны баалайт;
- олуттуу маалыматты күтүшөт;
- Кыргыз жараны Концепциясын мамлекеттик саясат менен байланыштырып, өздөрүн саясаттан тышкаркы деп эсептейт;
- алар иштеп, акча табышы керек;
- жөнөкөй жана жеткиликтүү тилди талап кылат;
- жеке пайда көрүүнү каалашат.

Тренерлер үчүн окутуу курстун катышуучулары апробация учурунда калктын ар кандай топторунун арасында «Кыргыз жараны» терминин туура эмес чечмелөө, коомдо ынтымакты бузуп, чыр-чатактын чыгышына же тереңдешине алып келиши мүмкүн экенин белгилешти.

**Ошондуктан, Концепциянын МАҢЫЗЫН ЖЕТКИРҮҮДӨ, жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы бир гана инсандарды/жарандарды эмес, жалпы эле мамлекеттин туруктуулугун өнүктүрүүнүн бириктирүүчү фактору экенин ачык-айкын көрсөтүү АБДАН МААНИЛҮҮ.**

Ошондой эле, жумушу бар жана убактысы тар кишилер катары жалпы калктын билим берүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө да эсиңизден чыгарбаңыз. Андыктан, аларга билим берүүгө болгону 1,5 - 2 саатыңыз бар.

### 2.2. Калк арасында Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча маалымат берүү үчүн максаттуу топтор.

Жарандык иденттүүлүк маселелерин кароодо, ар бир социалдык топтун темага кандай мамиле кылышына таасир эткен өзүнүн өзгөчө көз карашы жана тажрыйбалары бар экенин эске алуу маанилүү.

Бул жерде ар бир топ үчүн жарандык иденттүүлүк маселелердин өзгөчөлүгү жана спецификасы белгиленген, аларды түшүнүп, жолугушууларыңызда колдонушуңуз зарыл:

| Топ | Топтун спецификасы | Айырмалоочу өзгөчөлүктөрү |
|---|---|---|
| **Жаштар**: | Жаштар көбүнчө коомдо өз ордун издеп, өзүн-өзү ишке ашырууга, коомдук турмушка активдүү катышууга, өзгөрүүгө умтулушат. Аларды адилеттуулук, тең укуктуулук жана коомдук процесстерге таасир тийгизүү маселелери кызыктырат. | Жаштар инновацияларга, технологияга, адилеттүүлүккө жана экологиялык маселелерге көбүрөөк кызыкдар болушу мүмкүн. Алар көбүнчө жарандык иденттүүлүктү дүйнөлүк коомчулуктун жана глобалдык чакыруулар контекстинде көрүшөт. |
| **Аялдар**: | Аялдар коомдо ар кандай дискриминацияга жана теңсиздикке туш болушат. Алардын жарандык иденттүүлүккө болгон көз карашы көбүнчө теңдик үчүн күрөш, аялдардын укуктарын коргоо жана стереотиптерди жеңүү менен байланышкан. | Аялдар жарандык иденттүүлүктүн гендердик маселелерине, анын ичинде репродуктивдүү ден соолук укуктарына, аялдарга карата зордук-зомбулукка жана теңчиликке көмөктөшүүчү саясатты кабыл алууга көбүрөөк көңүл бурушу мүмкүн. |
| **Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар**: | Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар коомдо физикалык, психологиялык жана социалдык тоскоолдуктарга туш болушат. Алардын жарандык иденттүүлүккө болгон көз карашы көбүнчө кызматтарга жетүү жана укуктарын коргоо менен байланышкан. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү, билим алууда жана ишке орношууда бирдей мүмкүнчүлүктөр, ошондой эле коомдун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга карата мамилесин өзгөртүү маселелерине көңүл бурушу мүмкүн. |
| **Диний жамааттар**: | Диний жамааттар өз мүчөлөрүнүн жашоосунда өзгөчө мааниге ээ, алардын баалуулуктарына жана коомго болгон көз караштарына таасир этет. Алар үчүн жарандык иденттүүлүк диний баалуулуктар, адеп-ахлактык жана социалдык нормалар менен байланышкан. | Диний жамааттар жарандык өзгөчөлүк сезимин калыптандыруучу өзгөчө дүйнө таанымы, маданияты жана каада-салттары менен айырмаланышы мүмкүн. |

| Топ | Топтун спецификасы | Айырмалоочу өзгөчөлүктөрү |
| --- | --- | --- |
| **Этникалык топтор**: | Этникалык топтор өздөрүнүн тарыхына, маданиятына, тилине жана каада-салттарына ээ, булар өздөрүн жана коомдогу ордун кабылдоосуна таасир этет. Алар үчүн жарандык иденттүүлүк улуттук жана маданий мурастар менен байланышкан. | Этникалык топтор өздөрүнүн маданий өзгөчөлүгүн сактоого, расизмге жана дискриминацияга каршы күрөшүүгө, ошондой эле өздөрүнүн уникалдуулугун сактоо менен коомго интеграциялануунун ортосундагы тең салмактуулукту табууга көңүл бурушу мүмкүн. |
| **Мигранттар** | Мигранттар тобу жакшы жашоо шарттарына же саясий жагдайларга байланыштуу жогорку мобилдүүлүк жана жумуш табуу үчүн көчүүгө даярдыгы менен мүнөздөлөт. Мигранттар көбүнчө аз төлөнүүчү жумуштарда иштешет жана кабыл алуучу өлкөлөрдүн экономикасында маанилүү роль ойношот. Көптөгөн мигранттар өз өлкөлөрү менен жигердүү байланышта болушат, бул алардын жаңы социалдык чөйрөгө интеграцияланышына таасирин тийгизет. | Эмгек рыногунун чектелген мүмкүнчүлүктөрүнөн жана социалдык коргоонун жоктугунан мигранттар көбүнчө социалдык аялуу абалында болушат. Мигранттар көбүнчө жергиликтүү калктын дискриминациясына жана терс көз караштарына туш болушат. |
| **Бизнес өкүлдөрү жана ишкерлер**: | Бизнес өкүлдөрү үчүн жарандык иденттүүлүк корпоративдик маданият, социалдык жоопкерчилик жана коомдук процесстерине байланыштырылышы мүмкүн. Бизнес чөйрөсү көбүнчө экономикалык кызыкчылыктар жана ийгиликке умтулуу менен байланышкан. | Бизнес өкүлдөрү экономиканы өнүктүрүү, ресурстарды башкаруу, бизнес-чөйрөнү өнүктүрүү жана бизнестин социалдык процесстерге тийгизген таасири маселелерине активдүүрөөк кызыкдар болушу мүмкүн. |

Бул өзгөчөлүктөрдү жана айырмачылыктарды түшүнүү, алардын өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алып ар бир топ менен окутууга жана баарлашууга болгон мамилени ылайыкташтырууга жардам берет.

**«Кыргыз жараны» Концепциясынын билим берүү программасы боюнча иштер топтун өзгөчөлүгүн жана муктаждыктарын эске алуу менен жүргүзүлүшү керек**:

1) Жаштар
2) Аялдар
3) Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар
4) Диний жамааттар
5) Этникалык топтор
6) Мигранттар
7) Бизнес өкүлдөрү жана ишкерлер.

Бул топтордун ар бири - жаштар, аялдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар, диний жамааттар, этникалык топтор жана бизнес өкүлдөрү - ***өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен***, бир нече жалпы мүнөздөрүн белгилөөгө болот:

Жогорудагы топтордун жалпы өзгөчөлүктөрү:

- **Сыйлоого жана таанууга муктаждык**:
  *Бардык топтор коомдо кадырлуулукка жана кабыл алынууга умтулушат. Алар өздөрүнүн укуктарын, иденттүүлүгүн жана абийирин урматталышын жана корголушун каалашат.*

- **Теңдикти жана адилеттүүлүктү каалоо**:
  *Бардык топтор ар бир адам бирдей мүмкүнчүлүктөргө жана укуктарга ээ болгон адилет коомду түзүүгө умтулушат. Алар дискриминациянын жана теңсиздиктин бардык формаларына каршы күрөшүүнү жакташат.*

- **Өз ара түшүнүшүү жана камтуу зарылчылыгы**:
  *Бардык топтор добушун эске алууга, алардын жашоосуна таасир этүүчү коомдук процесстерге жана чечимдерди кабыл алууга катышууга умтулушат.*

- **Бакубат жашоону жана өнүгүүнү каалоо**:
  *Бардык топтор тынчтыкты, коопсуздукту жана бакубат жашоону каалайт. Алар өздөрүнө, үй-бүлөсүнө жана бүтүндөй коомдун келечеги үчүн умтулушат.*

- **Билимге муктаждык жана өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү**:
  *Бардык топтор билимди жана өзүн-өзү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн баалайт. Алар өз потенциалын ишке ашырууга жана максаттарына жетүүгө жардам бере турган билим, көндүм жана ресурстарды алууга умтулушат.*

Бул жалпылыктар коомдогу ар кыл топтордун ортосунда алардын уникалдуу өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын урматтоо менен бир тил табышууга жана диалог курууга мүмкүндүк берет. Бул жерде мамлекеттик тилдин өзгөчө ролу, ***жарандарды бириктирүү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүү*** экенин унутпаңыз.

**Топтордо иштөө:** Форматтарды, коммуникация ыкмаларын аныктоону жана жеке максаттуу топтордун мисалында "Кыргыз жараны" боюнча мини-тренингдерди даярдоону унутпаңыз. Жарандык иденттүүлүк маселелерин окутууда ар кандай топтордун өзгөчөлүгүн жана муктаждыктарын эске алуу маанилүү.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 17-беренесине ылайык, Кыргызстандын билим берүү системасында мамлекеттик тил мектепке чейинки билим берүү, башталгыч билим берүү, орто жана жогорку кесиптик билим берүү, ошондой эле кошумча кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун жана тарбиялоонун негизги тили болуп саналат.

## 2.3. Калк арасында Кыргыз жараны баалуулуктарын жана компетенцияларын калыптандыруу боюнча иштерди уюштуруунун негизги формалары жана ыкмалары.

Бул жерде ар бир топ үчүн коммуникация форматтарын жана ыкмаларын ыңгайлаштыруу ыкмалары берилген:

| ТОПТОР | ФОРМАТТАР | ЫКМАЛАР |
|---|---|---|
| **Жаштар:** | Интерактивдүү иш-чаралар, оюн сессиялары, жаштар форумдары, социалдык тармактар, видео-блогдор. | Активдүү талкуу, заманбап технологияларды жана мультимедианы колдонуу, ачык диалог жана пикирлерди билдирүү үчүн мейкиндиктерди түзүү. Мисалы:<br>➔ **Mentimeter**<br>➔ **Kahoot**<br>➔ **Ahaslides** |
| **Аялдар:**<br>Кыргызстандагы ишкер аялдардын потенциалы тууралуу видео:<br>https://youtu.be/JhB3z27T-3E | Аялдардын клубдары, тегерек үстөлдөр, аялдардын көйгөйлөрү боюнча семинарлар, тажрыйба алмашуу үчүн онлайн платформалар. (https://araket.taplink.ws/) | Гендердик маселелерди эске алуу, коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүү, ошондой эле окутуу программаларына лидер аялдардын катышуусу. Мисалы, спикер катары<br>"Демилгелүү айымдар" коалициясынын өкүлдөрүн чакырууга болот:<br>https://www.facebook.com/Wageca.kg/,<br>https://www.instagram.com/wage_ca.kg/ |
| **Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар:**<br>Кыргызстанда "Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн билим берүү" жөнүндө видео:<br>https://youtu.be/c47v5d1I5Fk | Тоскоолдуксуз иш-чаралар, жеткиликтүүлүктү эске алуу менен атайын тренингдер, адаптацияланган контент менен онлайн ресурстар. | Аудио жана видео материалдарды колдонуу, универсалдуу дизайнды колдонуу, ар бир адам үчүн маалыматка жетүүнү камсыз кылуу.<br><br>Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын жана алардын ата-энелеринин абалын жакшыртуу максатында түзүлгөн, Кыргызстандын бардык аймактарынан 39 уюмдан турган "Жаңырык" улуттук тармагын кызматташууга чакырса болот.<br>https://www.facebook.com/profile.php?id=100067964995201<br><br>Кыргызстан БУУнун Майыптардын укуктары боюнча конвенциясын кантип ишке ашырат? https://cabar.asia/ru/kak-kyrgyzstan-budet-realizovyvat-konventsiyu-oon-o-pravah-invalidov |

| | | |
|---|---|---|
| **Диний жамааттар**:<br><br>“Диний көп түрдүүлүк жөнүндө” видео: https://youtu.be/co-eyKQaBmw | Диндер аралык диалогдор, өз ара түшүнүшүү боюнча семинарлар, диний фестивалдар жана майрамдар. Дин туткан адам эң оболу инсан жана мамлекеттин жараны. | Диний ишенимдерге урмат менен мамиле кылуу, ар кыл диний салттардын тажрыйбасы жана даанышмандыгы менен бөлүшүү, ошондой эле окуу программаларына ар түрдүү конфессиялардын өкүлдөрүнүн катышуусу маанилүү. Диний уюмдардын расмий тизмеси менен Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын сайтынан таанышууга болот: http://religion.gov.kg/ru/religion_organization/registered/all |
| **Этникалык топтор**: | Көп маданияттуу фестивалдар, маданий кечелер жана улуттук каада-салттар боюнча мастер-класстар. | Маданий өзгөчөлүктөрдү урматтоо, өз ара түшүнүшүү үчүн көпүрөлөрдү түзүү, лектор жана насаатчы катары этностук коомчулуктардын өкүлдөрүн тартуу. Кыргыз Республикасынын калкынын улуттук курамы: https://www.stat.kg/ru/opendata/category/312/ |
| **Мигранттар:** | Оюндар, көнүгүүлөр, талкуулар жана коммуникация көндүмдөрүн, маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү стимулдаштыруу үчүн ролдоштурулган оюндар. | Кыргыз Республикасында Эл аралык Миграция Уюму (МОМ) мигранттарды жайгаштыруу, колдоо жана коргоо боюнча ар кандай иш-чаралар аркылуу колдоо көрсөтөт. Толук маалымат шилтемеде: https://kyrgyzstan.iom.int/ru/dannye-i-resursy |
| **Бизнес өкүлдөрү жана ишкерлер**: | Бизнес-форумдар, конференциялар, ишкердүүлүк жана бизнести өнүктүрүү боюнча мастер-класстар. | Практикалык мисалдар, ийгиликтүү ишкерлердин тажрыйба менен бөлүшүүсү, бизнестеги актуалдуу темаларды жана өнүгүү стратегияларын талкуулоо. |

Жарандык иденттүүлүк боюнча эффективдүү окутуу үчүн ар бир топтун өзгөчөлүгүн эске алуу жана алардын муктаждыктарына ылайыкташтырылган коммуникация форматтарын жана ыкмаларын түзүү маанилүү.

Жарандык иденттүүлүк боюнча окутууда ар кандай топтордо колдонууга же колдонбоо керек болгон так сөздөр жана негизги билдирүүлөр:

| | Жаштар | Аялдар | Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар | Диний жамааттар | Этникалык топтор | Мигранттар | Бизнес өкүлдөрү жана ишкерлер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Колдонуу:** | **Эркиндик, көп түрдүүлүк, активдүү атуулдук, өзгөртүү мүмкүнчүлүгү, социалдык адилеттүүлүк** | **Эмпатия, теңдик, тилектештик, адилеттүүлүк, камтуу.** | **Инклюзия, жеткиликтүүлүк, урматтоо, бирдей мүмкүнчүлүктөр, колдоо.** | **Толеранттуулук, өз ара түшүнүшүү, өзгөчөлүктөрдү урматтоо, тынчтыкты сүйүү, кызматташуу** | **Маданий мурас, мультикультурализм, өз ара түшүнүшүү, өзгөчөлүктөрдү урматтоо, тилектештик.** | **Интеграция, өз ара түшүнүшүү, толеранттуулук, маданий көп түрдүүлүктү урматтоо, кызматташуу** | **Инновация, экономикалык өнүгүү, кызматташуу, корпоративдик социалдык жоопкерчилик, ишкердик демилге.** |
| **Колдонуудан качуу:** | Басуу, чектөөлөр, статикалуулук, бюрократия, консерватизм. | Жыныстык белгиси боюнча дискриминация (сексизм), дискриминация, стереотиптер, укуктарды кемсинтүү, четтетүү. | Майыптык – кемчилик катары кабыл алуу, стигматизация, чектөөлөр, унутта калтыруу, четтетүү. | Диний чыр-чатактар, бир гана чындыкты таңуулоо, фанатизм, башка диний ишенимдерди четке кагуу, дискриминация. | Расалык же этникалык кастык, стереотиптер, дискриминация, четтетүү жана чыр-чатактар. | Өгөйлөө, стереотиптер, дискриминация, четке кагуу, обочолонуу, кабыл албоо | Эксплуатация, монополиялаштыруу, коррупция, адилетсиз атаандаштык, кызыкчылыктардын бузулушу. |

Жарандык иденттүүлүктү үйрөтүүдө ар бир топ үчүн түшүнүктүү жана ылайыктуу тилди колдонуу, терс ассоциацияларды же түшүнбөстүктөрдү пайда кыла турган сөздөрдөн жана билдирүүлөрдөн качуу зарыл.